ISSN 1694-7053

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

Илимий-популярдуу журнал. №3-чыгарылыш (4). Март 2012-ж.

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

*Муниципалитет -*
*бул аймактын, ал жерде жашаган калктын*
*жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги*



# МЕКТЕП БЮДЖЕТИ - КООМЧУЛУКТУН КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА


**ЖӨБ деңгээлинде шайлоо системасындагы кризис: мыйзамдын аракети менен текшерилди**
4-бет

**Мамлекеттик каттоо акты үчүн ким төлөйт?**
3-бет

**Каржылык жактан борбордон алыстатуу: мифтер жана реалдуу көйгөйлөр**
11-бет

**Мектеп бюджети боюнча коомдук угуулар жаңжалдардын алдын алуу механизми катары**
22-бет

**ЖӨБ кызматы: таштандыга каршы туруу**
16-бет

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

Илимий-популярдуу журнал. № 3 чыгарылыш (4). Март 2012-ж.

Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

Басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Баш редактору,
ӨСИ башкаруу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Кыргыз тилине котормонун редактору
***Нургуль Джаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат**, бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.

Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
***почта*** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет»
журналынын редакциясы;
***электрондук*** – office@dpi.kg, nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-01-04 (05,06,07)
**Факс:** (0312) 97-01-08

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

## Мыйзамдагы жаңылыктар

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн райондордун жергиликтүү бюджеттерин жоюу тууралуу 2012-жылдын 3-февралындагы № 32-р Буйругу ..... 2
“Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиги тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №126 Токтому ..... 2

## Юридикалык консультация

Мамлекеттик каттоо акты үчүн ким төлөйт? ..... 3

## Күн талкуусу

ЖӨБ деңгээлинде шайлоо системасындагы кризис: мыйзамдын аракети менен текшерилди ..... 4

## «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун жаңылыктары

Ивановка айылдык аймагындагы Курултай ..... 8
Өнүктүрүү саясат институтунун КР Каржы министрлиги менен өнөктөштүк тууралуу Меморандуму ..... 8
ЖӨБ органдары үчүн КР Каржы министрлиги менен бирдикте өткөрүлгөн семинар: эки тепкичтүү бюджет ..... 9
ӨСИ жана КР Мамлекеттик каттоо кызматынын кадастр жана кыймылсыз мүлккө болгон укукту каттоо Департаментинин кызматташуу жөнүндө Меморандум ..... 9
Төрт-Күл, Ленин жана Ивановка айылдык аймактарында артыкчылыктуу долбоорлорду тандап алуу боюнча айыл жыйындары ..... 10
Мектеп бюджеттери боюнча коомдук угуулар ..... 10

## ЖӨБ ресурстары

Каржылык жактан борбордон алыстатуу: мифтер жана реалдуу көйгөйлөр ..... 11

## ЖӨБ кызматтары

Таштандыга каршы туруу мүмкүнбү? ..... 16

## Бюджеттин айкындуулугу

Мектептин бюджети боюнча коомдук угуулар – талаштардын, жаңжалдардын жана коррупциянын алдын алуу механизми 22
Мектептер жана ата-энелер – шериктер жана өнөктөштөр. Окуу сапардын катышуучуларынын пикирлери ..... 27
Мектептерди, ата-энелерди жана ЖӨБ органдарын тынчсыздандырган маанилүү суроолор ..... 28
«Адам жана коом» сабагында окуучулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен таанышышат ..... 29
Эне үчүн жумуш, же Жамаат мектепке чейинки билим берүү маселесин кантип чечүүдө ..... 31

# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн райондордун жергиликтүү бюджеттерин жоюу тууралуу 2012-жылдын 3-февралындагы № 32-р Буйругу

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңы принциптерине өтүүгө жана райондордун жергиликтүү бюджеттерин жоюуга байланыштуу:

1. Тиркемелерге ылайык (1-8), буга чейин райондордун жергиликтүү бюджеттеринен каржыланган бюджеттик мекемелерди тиешелүү министрликтердин жана административдик ведомстволордун карамагына киргизүү менен республикалык бюджеттен каржыланууга өткөрүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигине:

- 2012-жылдын январынан тарта райондордун жергиликтүү бюджеттеринен каржыланган бюджеттик мекемелердин каржы операцияларын жүргүзүү токтотулсун;

- 2012-жылдын 1-январына карата райондордун жергиликтүү бюджеттеринде 2011-жылдын жыйынтыгы боюнча калып калган бюджеттик каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине которулсун;

- 2012-жылдын 1-январына карата буга чейин райондордун жергиликтүү бюджеттеринен каржыланган бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары боюнча калдыктары республикалык бюджетке которулсун;

- "Кыргыз Республикасынын 2012-жылга карата республикалык бюджети жана 2013-2014-жылдарга божомолу тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору кабыл алынганга чейин:

райондордун жергиликтүү бюджеттерине жалпы мамлекеттик салыктарды чегерүүнүн ченемдери боюнча жана башка кирешелер республикалык бюджетке которулсун;

райондордун жергиликтүү бюджеттеринен республикалык бюджеттердин каржылануусуна өтүп жаткан бюджеттик мекемелерди каржылоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, алардын бюджетинин 1/12 көлөмүнүн бөлүгүнүн чегинде ишке ашырылсын.

3. Министрликтер жана административдик ведомстволор буга чейин райондордун жергиликтүү бюджеттеринен каржыланган бюджеттик мекемелерди ушул буйруктагы тиркемеге ылайык, 2012-жылга республикалык бюджеттин долбооруна киргизсин.

4. Министрликтин жана административдик ведомстволордун жетекчилери 2012-жылдын 1-январынан тарта аларга өткөрүлүп берилген мекемелерди каржылоо үчүн жоопту болушат.

5. Ушул буйруктун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү милдети Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратынын каржы бөлүмүнө жүктөлсүн.

6. Ушул буйрук 2012-жылдын 9-январынан тарта күчүнө киргизилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри Ө.Бабанов**

# "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиги тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №126 Токтому

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы №12 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагындагы башка уюмдар жөнүндө" жана 2012-жылдын 10-февралындагы №87 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигин реформалоого байланыштуу уюштуруучу чаралар жөнүндө" токтомдоруна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиги жөнүндө жобо № 1 тиркемеге ылайык;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин башкаруу схемасы № 2 тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттигинин жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигинин, мамлекеттик архитектуралык-курулуш көзөмөл функциясын кошпогондо, укуктук мураскери болуп эсептелери белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигин каржылоону учурдагы финансы жылы үчүн республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде камсыз кылсын.

* * *

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

"Эркин Тоо" гезитинин 2012-жылдын 23-февралында №16 санында жарыяланган.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри Ө.Бабанов**

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин башкармалыгынын схемасы




## ЮРИДИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ

**Мектептердин мамлекеттик акттын жана техникалык паспортун алуу милдетин ЖӨБ органдарынын мойнуна жүктөп коюшту. Бул болсо жергиликтүү бюджеттен бир кыйла чыгашаларды талап кылууда. Мисалы, Ленин айылдык аймагында үч мектеп бар. Эмне кылыш керек?**

“Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо тууралуу” КР Мыйзамынын 1-, 4- жана 30-беренелерине ылайык, кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо (мындан ары - укуктарды мамлекеттик каттоо) - мамлекет тарабынан кыймылсыз мүлккө укуктарды, аларды түйшүккө салууларды (чектөөлөрдү), ошондой эле ушул Мыйзамда каралгандан тышкаркы учурларда катталган укуктар менен түйшүккө салууларды (чектөөлөрдү) коргоону камсыз кылуучу кыймылсыз мүлк менен бүтүмдөрдү да таануунун жана тастыктоонун юридикалык акты.
Кыймылсыз мүлккө болгон укук (менчикке, чарбаны жүргүзүүгө, оперативдүү башкарууга жана башка) милдеттүү каттоого тийиштүү.

Ошол эле учурда кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укук тиешелүү укукту аныктоочу жана укукту тастыктоочу документтерди каттоодон кийин гана юридикалык күчкө ээ.

Каттоонун юридикалык күчкө ээ болгон учурунан тарта мамлекет катталган укуктарды жана аны менен бүтүмдөрдү мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте тааныйт жана укугун коргойт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кыймылсыз мүлккө укуктардын кадастры жана каттоо департаментинин Жергиликтүү каттоо органдары (мындан ары – жергиликтүү каттоо органдары) укуктарды тастыктоочу документтерди каттоону жана берүүнү акы төлөөнүн негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 8-декабрындагы №311 токтому менен бекитилген Жер участогуна укукту тастыктоочу документтерди каттоо жана берүү тартиби тууралуу жобого ылайык ишке ашырат.

Укукту каттоонун бирдиктүү объекти катары аныкталган кыймылсыз мүлктүн бирдигинин техникалык паспортизациясы төмөнкү учурда жүргүзүлөт:

- кыймылсыз мүлк бирдигин түзүүдө (көтөрүүдө);
- кыймылсыз мүлк менен бүтүмдөрдү шарттарды сактоо менен ишке ашырууда;
- жер участогунун чек аралары өзгөргөндө;
- имаратты реконструкциялоодо жана бузууда;
- менчик ээсинин каалоосу боюнча.

Техникалык паспортизация акы төлөөнүн негизинде арыз берүүчүнүн эсебинен ашке ашырылат.

Ошону менен ушул тапта Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, муниципалдык менчиктин карамагындагы кыймылсыз объектке укукту аныктоочу документтерди жана техникалык паспортту алуу тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жергиликтүү бюджетиндеги каражаттын эсебинен ишке ашырылат.

Ушул тапта Өнүктүрүү саясат институту менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кыймылсыз мүлккө укуктардын кадастры жана каттоо департаменти муниципалдык менчиктеги объекттерге укуктарды мамлекеттик каттоо процедурасын жакшыртуу боюнча биргелешип иш алып барууда.

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде шайлоо системасындагы кризис: мыйзамдын аракети менен текшерилди

**Надежда Добрецова**
"Муниципалитет" журналынын баш редактору,
Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруучу төрайымы

2010-2011-жылдар аралыгында жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мыйзамдык база, анын ичинде шайлоо процесси олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Учурда шаардык кеңештердин депутаттары саясий партиялардан, ал эми айылдык өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчылары райондук мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан көрсөтүлөт. 2011–2012-жылдардагы шайлоо өнөктүктөрү жаңы мыйзамдык базанын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин ачыкка чыгарды. Албетте азырынча тыянак чыгаруу эрте, анткен менен жергиликтүү деңгээлдеги учурдагы шайлоо системасы кандай кемчиликтерди камтыганын бүгүн эле көрүүгө болот. Өзгөчө 2012-жылы күзүндө өтө турган жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо боюнча масштабдуу өнөктүккө көз салуу маанилүү. Көпчүлүк эксперттердин жана коомдук уюмдардын пикири боюнча, ал эми бул пикирлерге Өнүктүрүү саясат институту да кошулат, шайлоодогу партиялык принцип жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуулугу жана анын жарандардын керектөөлөрүнө жооп берүү жөндөмү үчүн кооптуу. Ошол эле учурда ЖӨБнун аткаруу органдарына башчыларды шайлоонун жыйынтыгы алар саясий автономияга азырынча жете албаарын көрсөттү. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу мыйзамдын жаңы редакциясына ылайык, жергиликтүү мамлекеттик администрациядан көз карандуулук сакталып кала берүүдө. Ошону менен коомчулук жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчыларын шайлоо маалындагы чуулгандуу жыйынтыктарга наразы болуп турат. Бул тууралуу биз "Муниципалитет" журналынын өткөн санында жазган элек.

## Күч сыноо

2012-жылы жаз мезгилинин башында күч сыноо – жергиликтүү кеңешке шайлоонун алгачкы толкуну болду. Шайлоо депутаттардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бүткөнүнө байланыштуу КР президентинин буйругу менен дайындалды. Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо боюнча жалпысынан 57 шайлоо округу жана 148 шайлоо бекети түзүлдү.

2012-жылдын 4-мартында Баткен облусунун Лейлек районундагы Бешкент, Маргун айылдык кеңештеринде, Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Көк-Ирим, Атай айылдык кеңештеринде, Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Бает, Терек, Көнөрчөк, Жергетал айылдык кеңештеринде жана Жумгал районундагы Куйручук, Түгөл-Сай, Таш-Дөбө, Чаек, Кызыл-Жылдыз айылдык кеңештеринде шайлоо өттү.

Ошондой эле шайлоо Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык кеңешинде, Чүй облусунун Токмок шаардык кеңешинде, Ош шаардык кеңешинде өттү.

## Жаңы рекорддор

Сыноо өнөктүгү саясий күчтөрдүн жергиликтүү парламенттеги орундарга өтө чоң кызыгуусун көрсөттү. Мисалы, 13 айылдык кеңешке 546 депутаттыкка талапкер катталды, же ар бир мандат үчүн үчтөн талапкер ат салышты. Ошол эле учурда кампанияга (өнөктүккө) парламенттик партиялар гана эмес, башка бир топтору да активдүү катышты.

Эгерде элет жеринде ар бир талапкер кеңештеги орун үчүн эки атаандашынан озуп чыгышы керек болсо, үч шаарда – Ошто, Караколдо жана Токмокто атаандаштык күтүлгөндөн да өтө жогору болду. Ош шаардык кеңешине шайлоодо 7 саясий партиядан ("Замандаш", "Адилеттүү Кыргызстан", "Ата Мекен", "Республика", "Улуттар биримдиги", КСДП, КУДП) 597 талапкер катталды. Кыргызстан Коммунисттер партиясы талапкерлердин тизмесин чакыртып алып, шайлоого катышуудан баш тартты. Караколдо 6 саясий партиядан ("Мекен ынтымагы", "Республика", "Замандаш-Современник", КСДП, "Ата Мекен", "Ак шумкар") жана 14 шайлоочулар тобунан ("Единство-Биримдик", "Жаңы жүздөр", "Табылга жаштар кеңеши", "Патриот", "Келечек багыты", "Кыргызстан жаштар кеңеши", "Келечек", "Биримдик", "Аракет", "Алга, Каракол жаштары", "Калматай-Ата", "Мугалим", "Биз Каракол шаарынын келечеги үчүн", "Союз") 976 талапкер катталган. Токмок шаарында 6 саясий партиядан ("Ата Мекен", "Ар-намыс", "Республика", "Замандаш", "Ак шумкар", КСДП) жана он шайлоочулар тобунан ("Чындыкка багыт", "Жилкомсоюз", "Достук үйү", "Ишкерлер биримдиги", "Кубат", "Жаңы муун", "Токмок", "Биримдик", "Биздин шаар үчүн", "Ынтымак") депутаттык орун үчүн 800 талапкер катталган. Ошентип шаарларда болжол менен 150гө жакын депутаттык мандат үчүн эки миңден ашуун талапкер, башкача айтканда бир орунга 15 киши ат салышты.

Токмок шаардык кеңешине депутаттарды шайлоонун алдын ала жыйынтыгы көрсөткөндөй, эң көп до-

бушту – 27,85% - "Республика" партиясы алган. Шайлоого келгендердин жалпы саны – 13 757 (61,50%). Ош шаардык кеңешине шайлоонун жыйынтыгы боюнча эң көп добушту – 47,35% - "Улуттар биримдиги" партиясы алган. Келгендердин жалпы саны 96 049 адамды (77,96%) түздү. Караколдо 20,84% добушту алып, КСДП алдыга озуп чыкты. Келгендердин жалпы саны 4663 адамды түздү.

## Өзгөчө пикир. Партиялык эмдөө: жыргалчылыккабы, же жамандыккабы?

Кыргызстандын муниципалитеттери, өзгөчө айылдар үчүн мындай олуттуу атаандаштык күрөш жаңы тажрыйба болду. Анткени өткөн чакырылыштарда жарандарды шайлоого депутаттыкка талапкер катары катышууга көндүргөн учурлар да болгон. Эми болсо саясий партиялардын активдүүлүгүнөн улам талапкер болгусу келгендердин саны көп. Муну оң натыйжа деп бааласа болчудай. Анткен менен жергиликтүү кеңешке партиялык тизме менен ат салышууну чечкен лидерлер кандай максатты көздөөрүн түшүнүү өтө маанилүү.

Саясий партиялар саясий көз караштарды – оңчул, солчул, борборчул, экологиялык, гендердик – башкача айтканда тынчтыкты орнотуунун кандайдыр бир глобалдык идеясын алып жүрүшү керектигин эстегенибиз пайдалуу болот. Мисалы, гендердик теңдик, же эркин базар өңдүү. Партиялык платформанын негизинде жаткан мындай идеялар аларды парламентте коргоо, анын өлкөнүн бардык аймактарында бирдей иштешин камсыздоо максатында мыйзамдын негизинде ишке ашыруу үчүн адамдардын башын бириктирип турат. Бирок, мисалы, жолдорду оңдоого, же канализация куруuга байланыштуу маселелерди чечүүнүн негизинде кандай өзгөчө, глобалдуу идея жатсын? Бала бакча партиялык принцип боюнча курула алабы, же суу түтүк колонканын партиялык тийиштиги кандай? Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү укугу жергиликтүү кеңештерге тиешелүү, андыктан алар партиялык мүнөзгө ээ боло албайт. Алар конкреттүү көчөдөгү, конкреттүү жергиликтүү артыкчылыктары менен гана аныкталыш керек. Бир партиянын мүчөлөрү бүткүл өлкө аймагы боюнча карманышы керек болгон бирдиктүү саясий платформа жана программа жергиликтүү жамааттын кызыкчылыгына каршы келиши ыктымал. Дал ушул көрүнүш Ошто орун алды. Ал жакта бир көчөнүн тургундары шаардык кеңешке шайлоо учурунда биригип алып, шаардык бюджеттин ресурстарын бөлүштүрүүдө ошол көчөнүн кызыкчылыктарын коргой турган жалпы талапкерди чыгаруунун ордуна саясий жышанасы боюнча бөлүнүп алып, бири-бири менен тирешти. Анткени шаардык кеңеште бул көчөнүн тургундарынын кызыкчылыктары бирдей – төшөлгөн асфальтты оңдоо, суу түтүгүн жана канализацияны оңдоо, коомдук транспорт үчүн жаңы аялдама киргизүү. Жана мында эч кандай саясий идеялар иштебейт. Бир гана идея бар – бул турмуш шартты жакшыртуу. Бирок саясий принцип адамдарга ошол максат үчүн биригүүгө бут тосту. Мындай жөнөкөй логика бир тыянакка жетелейт: Кыргызстанда партиялык курулуштун кызыкчылыктары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун максаттарына карама-каршы келип, адамдардын өз жашоосун жакшыртуусуна тоскоол болот. Жергиликтүү маанидеги иштерге карата бирдиктүү кызыкчылыктарды четке кагып, уруусуна карап, "өз бала" жана "чоочун бирөө" деп бөлүү салты кырдаалды ого бетер курчутууда.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде шайлоо кампаниясындагы партиялык принцип Кыргызстандын айыл жана шаар тургундары үчүн пайдасыз гана болбостон, ошону менен бирге жаңжал потенциалынын өнүгүүсүнө жол ачып, ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун азайтуу менен зыян да келтирет. Баса, көпчүлүк өлкөлөр муну дароо түшүнүп, жергиликтүү шайлоолорду партиялык негизде өткөрүү идеясынан баш тартышты. Мисалы, Украинада жергиликтүү кеңештерге партиялык тизме менен шайлоо жергиликтүү бийликтин бүт системасынын иштебей калуусуна алып келди. Бул өлкөдө партиялык шайлоонун натыйжасында аткаруу органдарынын башчылары жана кеңештин депутаттары түрдүү партиялардын мүчөлөрү болуп, бири-биринин чечимдерин четке кагып жатышты. Ушундай чечилбеген тирештин жыйынтыгында башкаруу системасы бир орунда туруп калды. Акыр аягында Украинада жергиликтүү шайлоо системасынан партиялык принцип зыяндуу жана кооптуу деген негизде алынып салынды. Мына ушундай эле көрүнүш башка да өлкөлөрдө орун алып, алар жергиликтүү кеңешке аймактык шайлоонун зарылдыгы тууралуу чечимге келишти. Анда эмне үчүн биз башкалардын катасын эске албай жатабыз? Биз үчүн бул ушул тапта өзгөчө кооптуу, анткени өлкө 2010-жылдагы коогалаңдан кийин дагы деле өзүнө келе элек, коомдо деструктивдүү ниеттер жана күтүүлөр бир топ, ал эми жаңжал үчүн топурак даяр турат. Эмне үчүн өзүбүзгө өзүбүз зыян келтирип жатабыз? Эмне үчүн жергиликтүү кеңештердин деңгээлинде саясий оюндарды жүргүзүп, муниципалитеттердеги жашоо сапатын жакшыртууга тоскоол болуп жатабыз? Саясий процесске глобалдык идеяларды жана принциптерди киргизүү менен партиялык вирусту Жогорку Кеңештин деңгээлинде кыйыштыруу жакшы натыйжа берет. Бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде муну жасоого таптакыр болбойт.

Партиялык кыймылдын тарапкерлери партиялык лидер жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышып, өзүнүн саясий жана административдик жөндөмүн өнүктүрүп, жергиликтүү деңгээлде тажрыйба топтоп, төмөн жактан жогору көздөй көтөрүлүш керек деген ойду карманышат. Абдан жакшы! Партиянын жергиликтүү лидерлерине жергиликтүү деңгээлдеги саясий процесстерге катышууга эч ким тоскоол болгон жок. Кеп башкада: жергиликтүү маанидеги бардык маселелерди дүңүнөн Кыргызстандагы партиялык курулуштун кызыкчылыктарына курмандыкка чалбаш керек. Адамдарда жалгыз гана партиялык тизме аркылуу эмес, бирок талапкердин башка да критерийлеринин негизинде тандоо жана шайлануу мүмкүнчүлүгү болуусу шарт.

## ЖӨБ башчылары жергиликтүү мамлекеттик администрациянын кысымына кабылдыбы?

Акыркы жылдары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде башка шайлоо процесси активдүү жүрүп жатты – бул айылдарда ЖӨБнун аткаруучу жетекчилерин шайлоо. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" жаңы мыйзамга ылайык, айыл өкмөт башчысынын кызматына талапкерди көрсөтүү укугу жергиликтүү кеңештин депутаттарына жана ... жергиликтүү мамлекеттик администрацияга тиешелүү. Бул жергиликтүү өз алдынча башкарууну мамлекеттик органдардан бөлүп караган Конституцияга карама каршы келет. Талапкерди көрсөтүү укугуна ээ болуу менен жергиликтүү мамлекеттик администрация жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иштерине кийлигишүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болууда, жана ЖӨБ аткаруу органынын башчысын акимге көз каранды абалга коюуда.


Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери ушул карама-каршылыкка бул мыйзамды иштеп чыгуучулардын көңүлүн бир нече жолу бурду. Ошентип мыйзам долбоорун Жогорку Кеңешке киргизип жаткан учурда Өкмөт мыйзам арадагы, компромистүү мүнөзгө ээ болгонун, Конституциянын талаптарына толук ылайыкташтыруунун жүрүшүндө сөзсүз жакшыртылышы керектигин тааныды. 2011-жылы жайында мыйзам кабыл алынып жаткан учурда ЖӨБ органдарынын бир кыйла жетекчилери толук ыйгарым укуктарга ээ болбостон, милдетин аткаруучу деген макамды алып жүрчү. Бул болсо жергиликтүү деңгээлде натыйжалуу башкарууга бут тосуп жатты. Бул көйгөйдү чечүү үчүн Өкмөт башкаруу системасын чукул арада жөнгө салуу зарыл деген жүйөнү карманып, мыйзамдын бул редакциясын кабыл алууга шашылды. Ошол эле учурда Өкмөт жергиликтүү мамлекеттик администрациянын колу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иштерине кийлигишүүгө аракет кылбаганын, ал эми ЖӨБ башчысынын кызматына талапкерди көрсөтүү укугу – депутаттар же өтө эле пассивдүү, же өтө эле чуулгандуу боло турган муниципалитеттер үчүн кепилдик экендигин баса белгилеп жатты. Ал эми башчылыкка талапкерди жергиликтүү кеңештердин депутаттары көрсөтөт, администрация болсо процесске сырттан "байкоо салат" деген убада абада асылган бойдон калды.

Эскерте кетели, сөз 2010-жылы жана 2011-жылы өз кызматын тиги, же бул себептерден улам таштап кеткен ЖӨБ аткаруучу органдарынын жетекчилеринин бир тобу тууралуу болуп жатты. Ошентип 2012-жылы жазында бул мыйзам кандай иштегенин көрө алдык. Өнүктүрүү саясат институту Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладды иштеп чыгуунун алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жамаатка отчеттуулугун жана саясий дараметин анализдеди. Башчыларды шайлоонун жаңы системасынын жыйынтыктарын билүү үчүн Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынан шайлоонун жыйынтыктарынын расмий статистикасын сурадык. Алынган жооп корутундулоого жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иштерине жергиликтүү мамлекеттик администрациянын аралашуусуна жана аралашпоосуна байланыштуу жагдай чындыгында кандай болгонун түшүнүүгө жол ачты. Анткени түшүнүктүү да, башчынын кызматына талапкерди көрсөткөн булак болочок жетекчинин отчеттуулугун аныктайт: ким көрсөтсө, ошол сурайт, ким жаратса, дал ошол аны жок кылуу укугуна ээ. Бул эреже ачык жазылбаса да, практика көрсөткөндөй, аким колдогон башчы калктын алдында эмес, атүгүл формалдуу түрдө аны тандаган депутаттарга эмес, дал ошол акимге жооп берет.

## ЖӨБ жаңы башчыларынын дээрлик жарымы формалдуу түрдө мамлекеттик администрациялар алдында жооптуу

БШКдан алынган жооп өлкөдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун 170 аткаруу органынын жетекчилери иш жүзүндө кимдин алдында жооптуу болорунан элес берет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айылдык органынын жарымынан бир аз ашыгыраак жетекчиси – 55% жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан көрсөтүлгөн экен. Калган бөлүгү – 45% чындыгында жергиликтүү мамлекеттик администрация алдында жооптуу болот, анткени 34% акимдин атынан көрсөтүлсө, дагы 11% акимдер жана депутаттары менен биргелешип көрсөтүлгөн.


**1-сүрөт. ЖӨБ аткаруу органдарынын (170 муниципалитет) башчысынын кызматына шайлоодо жеңген талапкерлерди көрсөткөн булактар**





Регионалдык тиликте башчыларды шайлоодо талапкерлери утуп алган булактарга карата кеңири таралуу байкалат. Ысык-Көл облусунун көпчүлүк айылдык округдарында жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан көрсөтүлгөн башчылар жеңишке жеткен – дээрлик 71%. Ошол эле учурда Жалал-Абад облусунда айылдык округдардын 33 пайызында гана депутаттар тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлер уткан. Негизи эле Жалал-Абад облусу жергиликтүү мамлекеттик администрацияга көз карандуулук жагынан негизги топтон чоң ажырым менен алдыда баратат – ЖӨБ башчыларынын дээрлик 70% ЖМА тарабынан

көрсөтүлгөн, ал эми негизги топтогу облустарда – Ошто, Таласта, Нарында, Чүйдө жана Баткенде ЖМА көрсөткөн талапкерлер 40-50 % тегерегинде турат.

**2-сүрөт. Облустар тилигинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын (170 муниципалитет) башчысынын кызматына шайлоодо жеңген талапкерлерди көрсөткөн булактар**




Гендердик тиликте Кыргызстан мурдагыдай эле аялдар жада калса жергиликтүү деңгээлде башкаруучу кызматтарга жетүүдө чектелүү болгон өлкө катары кала берүүдө – 170 башчынын он бири гана аял. Бул болсо ЖӨБ органдарынын башчысы болгондордун




жалпы санынын 6 пайызын гана түзөт. Ошол эле учурда Ысык-Көл, Баткен жана Жалал-Абад облустарында аялдар башчылыкка такыр тандалган эмес.

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде 2011–2012-жылдары өткөн шайлоо процессинин жыйынтыктары төмөнкүдөй үч негизги тыянакты чыгарууга түрткү болду:

- партиялык курулуштун кызыкчылыктары жергиликтүү маанидеги маселелердин табияты менен карама-каршылыкка чыгып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын натыйжалуулугуна гана эмес, ошону менен бирге жамааттардын өнүгүүсү консолидацияланган жерлерде туруктуулукка да коркунуч жаратып жатат; жергиликтүү шайлоо системасында партиялык принципти күчөтүү багытында бардык аракеттер башка өлкөлөрдө болгондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун талкаланышына да алып келиши мүмкүн;

жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын шайлоо мааниге жана конституциялык негизге ээ эмес, анткени булар түпкүрүндө өкмөт тарабынан региондордо дайындалган кызматтар;

- “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу” мыйзамдын 2011-жылдагы редакциясына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчыларын шайлоо ошол башчыларга жергиликтүү калк алдында жоопту болушу үчүн шарт түзбөстөн, аларды талапкерликке көрсөткөн булактар – жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынан көз каранды кылып койду.

Бул фактылардын бардыгы саясий автономияга жана шайлоо процессине карата жергиликтүү өз алдынча башкаруунун системасы терең кризисте экенинен кабар гана бербестен, добулбас да кагып жатканын көрсөтүүдө. Бул кризисти Конституциянын мыйзамдык актыларындагы карама-каршылыктар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагындагы жергиликтүү маанидеги маселелердин табияты жаратты. Кыргызстандын саясатчылары жергиликтүү өз алдынча башкарууну күчтөндүрүү темасына кайтып келиш керек. Бирок муну өз кызыкчылыгы, мисалы, партиялык курулуш кызыкчылыгы үчүн эмес, аларды шайлаган калктын кызыкчылыгы үчүн жасаш керек.

# "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун жаңылыктары

## Ивановка айылдык аймагындагы Курултай

2012-жылдын 2-мартында Ивановка айылдык аймагында 2011-жылдын социалдык экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жана 2011-2013-жж. өнүгүү Стратегиясынын 2012-жылга болгон маселелерине арналган Курултай болуп өттү. Курултайда 160тан ашуун адам катышып, алардын арасында Курултайдын делегаттары, коноктор, Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрация башчысы, аким Кудайбергенов Б.Ж. жана райондук кызматтардын жетекчилери болушту. Курултайдын күн тартибинде бир маселе – Ивановка айылдык аймактын башчысы Мурат Байдылдаевдин аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалары жана айыл өкмөтүнүн 2011-жылы жасаган иш-аракеттери тууралуу отчету болду. Жергиликтүү калкты кененирээк маалымдоо максатында ЭҮЖӨБОЖС долбоору тарабынан көрсөтүлгөн техникалык жардамдын алкагында Курултайдын катышуучулары менен саламдашуу баннери жана, аймак башчысынын 2011-жыл үчүн отчету, 2012-жылга пландар жана аймактын башчысынын демилгечи топтун курамын бекитүү тууралуу токтому камтылган таркатылуучу материалдар даярдалды. **Маалымат:** Демилгечи топтор жергиликтүү коомчулуктун жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуу демилгесин өнүктүрүү жана чечим кабыл алуу процессинде катышуусун активдештирүү максатында түзүлгөн.

## Өнүктүрүү саясат институтунун КР Каржы министрлиги менен өнөктөштүк тууралуу Меморандуму

2012-жылдын 6-мартында ӨСИ КР Каржы министрлиги менен өнөктөштүк тууралуу Меморандумга кол койду. Меморандумга кошумча, Швейцария Өкмөтү тарабынан Улуу Британиянын Эл аралык Өнүктүрүү министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланган «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун алкагында биргеликте ишке ашырылуучу иш-аракеттердин планы да бекитилди. План өзүнө жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процессти мыктылоо, жарандардын бюджеттик маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине тартылуу деңгээлин жогорулатуу боюнча бирдиктүү иш-аракеттерди камтыйт. Документтин негизги максаты катары жарандардын бюджеттик маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине тартылуу деңгээлин жогорулатуу жана мамлекеттик жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин күчөтүүгө багытталган бирдиктүү демилгелер жана иш-чаралар каралмакчы.



# ЖӨБ органдары үчүн КР Каржы министрлиги менен бирдикте өткөрүлгөн семинар. Максат: эки тепкичтүү бюджет




2012-жылдын 29-февралында Бишкек шаарында, 19-мартында Ош шаарында КР Каржы министрлиги менен Өнүктүрүү саясат институтунун кызматташтыгынын алкагында Өнүктүрүү саясат институту тарабынан уюштурулган "Орто мөөнөттүү туруктуулук жана татыктуу жашоо программасы: Эки тепкичтүү бюджетке өтүү шарттарында бюджет аралык мамилелердин системасын жакшыртуу" деген темада масштабдуу семинар өттү. Семинарга Кыргыз Республикасынын бардык облустарындагы айыл аймактарынын башчылары жана айыл өкмөтүнүн каржы-экономикалык бөлүмдөрүнүн жетекчилери, Каржы министрлигинин жана Борбордук казыналыктын аймактык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү, коомдук жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, башка мамлекеттик мекемелер жана ММК катышты. Жалпысынан семинарга 1067 адам катышты, алардын 634ү Бишкекте жана 433 адам Ошто болду. Иш-чара эки тепкичтүү бюджетке өтүүгө байланыштуу жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстеги өзгөрүүлөр тууралуу ЖӨБ органдарын маалымдоо максатында уюштурулду.

Мындай масштабдуу жана өтө актуалдуу семинар жалпы мамлекеттик мааниге ээ болду. Анткени Өкмөт КР Каржы министрлигинин атынан көп убакыттан бери биринчи жолу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын чогултуп, алар менен бюджет темасын ушундай сандык жана сапаттык курамда талкуулады. ЖӨБ органдарынын башчылары жана каржы кызматкерлери менен Каржы министрлигинин аймактык өкүлдөрү министрден, ЖК депутаттарынан, өкмөттүн мүчөлөрүнөн, эксперттерден реформалар жана жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин өсүш ыктымалдуулугу тууралуу эң акыркы жаңылыктарды алуу үчүн чогулду. Семинардын ар бир катышуучусу жаңы нормативдик актарды жана ЭҮЖӨБОЖ долбоорун ишке ашыруунун алкагында чыгарылган трансферттик саясат тууралуу деталдуу маалыматты камтыган басылманы алды.

Мындай масштабдуу жана татаал иш-чараны уюштурууга жана өткөрүүгө байланышкан чыгашалар негизинен "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында каржыланды.



# ӨСИ жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматынын кадастр жана кыймылсыз мүлккө болгон укукту каттоо Департементинин кызматташуу жөнүндө Меморандум

2012-жылдын 15-мартында, муниципалдык менчик объекттерин мамлкеттик каттоодон өткөрүүнүн жүрүшүн мыктылоо максатында, ӨСИ жана КР Мамлекеттик каттоо кызматынын кадастр жана кыймылсыз мүлккө болгон укукту каттоо Департаментинин кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюшту. Кызматташуунун алкагында жер ресурстарын башкаруу чөйрөсүндөгү реформаларды жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин арттырууну өнүктүрүү менен бирге эле, ЖӨБ органдарынын дараметин күчөтүү жана жер ресурстарын башкаруунун ачык-айкын жана эффективдүү процессин кийирүүгө көмөктөшүү көрсөтүлмөкчү. Бул кызматташуу, ошону менен бирге эле, жер ресурстарын башкаруу процессин жакшыртууга, региондордогу калктын жашоо-турмуш шарттарын мыктылоого жардам берүүсү күтүлүүдө.

# Төрт-Күл, Ленин жана Ивановка айылдык аймактарында артыкчылыктуу долбоорлорду тандап алуу боюнча айыл жыйындары

## Төрт-Күл айылдык аймагында

2012-жылдын 14-мартында Төрт-Күл айылында гранттык программага катышуу үчүн долбоорлорду артыкташтыруу максатында айылдык чакан жыйын өткөрүлдү. Жыйында айылдык кеңештин депутаттары (8 адам), айыл өкмөттүн аппараты, демилгечи топтордун мүчөлөрү жана жергиликтүү жамааттын лидерлери катышты. Катышуучулардын жалпы саны 56 адамды түздү. Жыйындын программасы жана таркатылуучу материалдары айыл өкмөтү тарабынан ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун консультанттарынын техникалык жардамы менен даярдалган. Жолугушуунун алкагында демилгечи топтордун лидерлери тарабынан жети долбоор сунушу тартууланды. Ар бир топтун жумушун айыл өкмөтүнүн аппаратынын дайындалган кызматкерлери коштоп турушту. Долбоордук идеялар «Долбоорду иштеп чыгуу жана башкаруу» деген аталыштагы эки күндүк окуунун жүрүшүндө иштелип чыгып, талкууланган. Артыкчылыктуу долбоорлор, тандоо критерийлерине ылайык, жашыруун добуш берүү жолу менен тандалып алынды. Натыйжада төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды:

- ички жолдорду оңдоп-түзөө иштерин аткаруу (айылдагы жолдор); долбоордун алкагында муниципалитет атайын техника сатып алууга ниеттенүүдө (29 добуш);
- Темир-Канат айылындагы мектепти капиталдык оңдоп-түзөө (10 добуш);
- Туура-Суу айылында балдар аянтын куруу (9 добуш).

## Ленин айылдык аймагында

2012-жылдын 15-мартында Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу Ленин айылдык аймагында артыкчылыктуу долбоорду тандоо боюнча айыл жыйыны болуп өттү. Жыйынга 70 адам катышып, алардын катарында аймактын үч айылынан тең өкүлдөр. Айылдык кеңештин аппаратынын депутаттары жана АӨ кызматкерлери катышты. Жалпысынан демилгечи топ 5 долбоор сунушун иштеп чыгышкан. Ачык добуш берүүнүн натыйжасында, айыл жыйындын катышуучулары көпчүлүк добуш менен КТТ чыгаруу кызматын уюштуруу боюнча «Айыл тазалыгы – калктын саламаттыгы» деген аталыштагы долбоорду тандап алышты. Калган долбоорлор боюнча артыкчылыктар төмөндөгүдөй бөлүндү:

- Жыгач-Коргон айылынын клубунун чатырын оңдоо жана анын тегерегин курчоо;
- Узундугу 1500 м. болгон Орто-Сай айылында сугат каналын куруу;
- Жыгач-Коргон айылындагы жаңы конушта жол куруу жана көчөлөрүн жарыктандыруу, жана ошондой эле Ленин айылындагы Маданият үйүн капиталдык оңдоо, эмерек жана аспаптарды сатып алуу.

## Ивановка айылдык аймагында

2012-жылдын 15-мартында Ивановка айылдык аймагында жергиликтүү коомчулуктун, демилгечи топтордун, депутаттардын жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин катышуусу менен айыл жыйыны болуп өттү (жалпысынан 57 адам катышты). Жыйындын максаты катары жашоо сапатын жакшыртуу максатында демилгечи топтор тарабынан иштелип чыккан долбоорлордун арасынан артыкчылыктуусун тандап алуу каралган. Тандоонун натыйжасы төмөндөгүдөй болду:

- «Айыл – биздин үйүбүз, үйүбүздү тартипке келтирели» – таштандыны чыгаруу үчүн техника сатып алуу долбоору – эң маанилүү артыкчылык берилди;
- «Спорт – бул дени сак жашоо жолу» – Станция Ивановка айылындагы стадионду реконструкциялоо жана жакшылантуу долбоору – экинчи артыкчылык;
- «Маданият жана эс алуу багы» – Ивановка айылындагы сейил багын реконструкциялоо жана жакшылантуу долбоору – үчүнчү артыкчылык.

# Мектеп бюджеттери тууралуу коомдук угуулар

2012-жылдын 16-мартында Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу Ленин айылдык аймагында «Мектеп бюджети: мектеп турмушунда ата-энелердин ролу» деген аталышта эки коомдук угуу болуп өттү:

- Түшкө чейин Ленин айылындагы Ю.А.Гагарин атындагы орто мектебинде,
- Түштөн кийин Жыгач-Коргон айылындагы А.Тажибаев атындагы орто мектебинде.

Угуулардын даярдыктары жана өткөрүлүшү тууралуу «Муниципалитет» журналынын апрель айындагы чыгарылышынан окуй аласыздар.

2012-жылдын 18-мартында 70 адамдын катышуусунда «Мектеп бюджети – ачык-айкын бюджет. Мектептин турмушунда ата-энелердин ролу» деген аталышта коомдук угуу өткөрүлдү. Угуу Ысык-Көл облусунун Төрт-Күл айылдык аймагына караштуу Темир-Канат айылынын К.Тилеков атындагы орто мектебинде өткөрүлүп, ал угууларды өткөрүү демилгеси мектептин мугалимдер жамааты тарабынан «Бюджеттин ачыктыгы жана ал процесске коомчулуктун тартылуусу» деген аталыштагы тажрыйба алмашуу сапары менен семинар-тренингдин натыйжаларына негизделген. Иш сапардын жүрүшү жана жыйынтыктары тууралуу журналдын ушул чыгарылышында «Мектеп бюджети боюнча коомдук угуулар – талаш-тартыштардын жана жаңжалдардын алдын алуу механизми» деген макаладан кененирээк тааныша аласыздар.

# КАРЖЫЛЫК ЖАКТАН БОРБОРДОН АЛЫСТАТУУ: мифтер жана реалдуу көйгөйлөр



**Асылбек Чекиров,**
"Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун бюджет аралык мамилелер боюнча адиси, Өнүктүрүү саясат институту

ӨСИ бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндө мамлекеттин ырааттуу эмес жана үстүртөдөн жүргүзгөн саясатын сынга алып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык автономияга карата кызыкчылыктарын кызуу колдоп келатат. Көптөгөн башка коомдук уюмдар жана ММК өкмөткө карата бир кыйла катаал сындарды айтып келүүдө. Анткен менен өзүбүздү өзүбүз сын көз менен карай турган учур да келди, "битке өчөшүп, көйнөктү отко ыргыткандай" кылбаш керек – Каржы министрлигинин курулай элестетилген күнөөлөрү каржылык жактан борбордон алыстатууда реалдуу көйгөйлөрдү жаап калбаш керек. "Муниципалитет" журналы конструктивдүү диалог, региондорду бир кылка өнүктүрүү үчүн мыкты чечимдерди биргелешип издөө максатында түзүлгөн. Андыктан биз жалпыга белгилүү болгон жерлерге карата салттуу сынга эмес, бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндө тенденцияларды жана көйгөйлөрдү сынчыл көз караш менен түшүнүүнүн жаңы ыкмасынын аракетине кубанычта болобуз.

Кыргыз Республикасынын саясий жетекчилиги жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу маселелеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынчалуулугун жогорулатууга багытталган реформаларды жарыялады. Бул реформанын чечүүчү баскычтарынын бири – эки тепкичтүү бюджетке өтүү болду. Муну Каржы министрлиги 2012-жылга республикалык бюджет тууралуу мыйзамга сунуш кылды.

Жогоруда айтылган окуянын айланасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнүн эксперттик жамааттын ичинде талкуу башталды. Жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү программасын каржылоо шарттарын аныктай турган мыйзамдын долбоорун кеңири талкуулоо үчүн берилген мүмкүнчүлүк албетте КРнын Каржы министрлигинин эмгеги болуп эсептелет. Талкуулар кеңири масштабда жүрүп, бюджеттер аралык мамилелердин жаңы форматынын анализи, сындар жана сунуштар адатта карама-каршылыктуу мүнөзгө ээ болуп, коомчулукту жана өзгөчө маанилүүсү – чечимди кабыл алууга катышкан адамдардын чөйрөсүн адаштырып жатат. Ошол эле учурда көйгөйдү туура түшүнүү максаттарды так чечмелөө жана маанилүүсү – тапшырмаларды жана конкреттүү иш-чараларды пландаштыруу мүмкүнчүлүгүн берет.

Бул чөйрөдөгү кырдаалды мыкты түшүнгөн Каржы министрлигинин сындарга жүйөлүү жооп кайтара албаганы бир аз кызыктай көрүнүп турат. Бул болсо айрым эксперттик баалоолор туура болгондой сезим калтырууда, ал эми алар жаңылыш да болушу ыктымал. Ушундан улам өзгөчө мүнөздүү сынчыл пикирлерге токтолуп, аларды анализдеп көрүүнү туура таптык.

## Жергиликтүү эки салык тууралуу миф

Жергиликтүү бюджеттердин чабалдыгын мүнөздөгөн жүйө – кирешелүү булактардын аз саны, анын ичинде жаңы Салык кодексин киргизүү ме-

нен сегиз жергиликтүү салыктан экөө гана калганы дайыма айтылып келет. Бул чынында эле ошондойбу? Салык кодексинин мурдагы редакциясында жергиликтүү салыктардын жана чогултуулардын 8 түрү аныкталган:

- курорт үчүн салык;
- реклама үчүн салык;
- автоунааны токтотуучу жай үчүн чогултуу;
- калк отурукташкан пункттардан таштанды чыгаруу үчүн чогултуу;
- мейманкана үчүн салык;
- калкка акы үчүн кызмат көрсөтүү жана чекене сатуу үчүн салык;
- кыймылсыз мүлк үчүн салык;
- транспорттук каражаттын ээлеринен салык.

Бул тизмеге талдоо жасай келсек, андан реалдуу түрдө курорт үчүн салык, реклама үчүн салык, мейманкана үчүн салык гана чыгарылганын байкоого болот.

Башка түрлөрү болсо жалпы мамлекеттик салыктар категориясына (калкка акы үчүн кызмат көрсөтүү жана чекене сатуу үчүн салык) өткөн, же бириктирилген (кыймылсыз мүлк үчүн жана транспорттук каражаттын ээлеринен салык өңдүү). Ошол эле учурда тизмеден чыгарылган салыктар жергиликтүү бюджеттин кирешесинин өсүшүнө олуттуу деле таасир тийгизчү эмес, атүгүл көпчүлүк мейманканалардын ээлери ыктыярдуу патент системасына өтүп алышкан, бул болсо кайсы бир деңгээлде ошол жоготууларды толуктагандай болду. Унааны токтотуучу жай жана таштанды чыгаруу үчүн чогултууларды эч ким алып салган жок жана алар "Салыктык эмес төлөмдөр тууралуу" мыйзам менен аныкталган.

Жергиликтүү салыктардын санын кыскартуу тууралуу тезистин жактоочулары келтирген жүйөлөр түшүнүксүз бойдон калууда. Атүгүл жалпы мамлекеттик салыктар эмне үчүн дискриминацияланып жатканы да белгисиз. Алар толугу менен, же жарымжартылай жергиликтүү бюджетке түшүп жатса да, аларды эксперттер көктүк менен жергиликтүү бюджеттердин киреше булагынын ичине кошкусу келбей жатат. Анткен менен жергиликтүү бюджет эки гана салыкка таянып жатканы тууралуу кеңири таралган арызды көп угабыз.

Жергиликтүү бюджеттердин өз киреше булагында көйгөйлөр албетте бар. Бирок алар башкада камтылган: 2007-жылы жарыяланган "бир салык – бир бюджет" принцибине ылайык, сатуудан түшкөн салыктын 100% жергиликтүү бюджетке түшүп турган. Бирок бул система акыйкатсыз талкаланган, ал эми салыктын өзү болсо республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосунда чачыратылган. Мында салыктын бул түрү боюнча салык салуу базасы ансыз да чакан болгон айылдык муниципалитеттер кандай ой менен болгону 25% көлөмдө үлүш алганы түшүнүксүз. Салыктын бул түрүн жалпы мамлекеттик деген бөлүмгө өткөрүп берүү "Кыргызтелеком", электр жана газ бөлүштүрүүчү компаниялар, мобилдик байланыш операторлору өңдүү монополисттердин сатуудан түшкөн салыгын жергиликтүү бюджеттердин пайдасына чегерүү мүмкүнчүлүгүнөн күмөн санатып койду. Салыктын бул түрү жергиликтүү салыктар категориясында турган убакытта жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн мындай мүмкүнчүлүктөр талкууга алынган болчу. "Бир салык – бир бюджет" принциби бузулганы тууралуу факт да айтылбай келет. Бирок бул факт сатуудан түшкөн салык жергиликтүү бюджеттин киреше булагы катары андан түштү дегенди түшүндүрбөйт. Атүгүл 2012-жылы жергиликтүү бюджетте анын үлүшү 50 пайызга чейин өстү.

## Жер үчүн салыктын чабалдыгы тууралуу миф

Мындан ары эки жергиликтүү салыкка көңүл буруу керек, алардын бири – жер үчүн салык жалпы мамлекеттик деген категориядан жергиликтүү дегенге өттү. Айыл чарба жерлерин колдонуу үчүн жер үчүн салыктын 5 түрү бар жана адатта салыктын бул түрүнүн жергиликтүү бюджеттин структурасы, өзгөчө элеттик муниципалитеттер үчүн маанисин талкуулоо учурунда аны чогултуунун деңгээли төмөн болгону баса белгиленип келет. Ошол эле учурда сынчылар калк отурукташкан пункттардын жерлери жана айыл чарба багытында эмес жерлер үчүн салыкты көрмөксөнгө салышат. Алар муну элеттик жайлар үчүн актуалдуу эмес деп түшүндүрүшөт. Бирок чындыгында эле ошондойбу? 2011-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча айыл чарба багытында эмес жер үчүн жер салыгын чогултуу айыл чарба багытындагы жер үчүн чогултуулардан 2 эсе ашып түшкөн.

Мында айыл чарба багытында эмес жерлер үчүн чогултулган салыктын негизги үлүшү шаарларда жана Ысык-Көл көлүнүн курорттук аймагында жыйналган. Бул жакта ЖӨБ органдары МСК менен биргелешип пансионаттардан салыкты чогултууну өздөштүрдү. Дал ушул салыктардын эсебинен Ысык-Көл районундагы айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттеринин

**1-сүрөт. 2011-жылдын 9 айында жер салыгынан түшкөн каражаттар тууралуу салыштырмалуу маалымат.**



кирешеси бир нече эсеге көбөйдү. Анткен менен башка айылдык муниципалитеттердин кирешесин карап көрсөк, анда ал жакта бул салыктардын үлүшү арзыбаган көлөмдө экенин байкайбыз. Бирок биздин айылдардын аймагында өндүрүш ишканалары, базарлар, эс алуу зоналары, күйүүчү май бекеттери таптакыр эле жокпу? Маселе башкада: ЖӨБ органдары бул салыктарды болжолдоону жана алардын түшүшүн көзөмөлдөөнү билбейт, ал эми мамлекеттик салык кызматы (МСК) жергиликтүү салыктарга карата пассивдүү турумду ээлеп келет, анткени өкмөт алардын чогултулушу үчүн отчет талап кылбайт. Айыл чарба багытында эмес жерлердин аянты тууралуу маалыматты ЖӨБ органдары ала албайт. Бирок маалыматтын мындай түрү жана МСК менен өнөктөштүк болбосо ушул салыкты толук кандуу чогултууну камсыздоо мүмкүн эмес. Салыктын бул түрүнүн өзгөчөлүгү – ал ишкананын ишмердүүлүгүнө, б.а. анын кирешесине көз каранды эмес. Иштебеген уюмдардын жерлеринен да төлөм алса болот. Кийинчирээк ЖӨБ органдары бул ишкананын банкрот болушу тууралуу процедураны баштап, сатуунун жыйынтыгында бул салык боюнча карызды өндүрүп, жергиликтүү бюджетке киргизсе болот.

Балким жер үчүн салыктын чабалдыгы тууралуу сөздөр үстүртөдөн жасалган анализдин, маселенин маңызын түшүнбөгөндүн натыйжасынан чыкты.

## Мүлк үчүн салыктын жоктугу тууралуу миф

Негизги сын бюджетти түзүүчү катары биринчи топ боюнча мүлк үчүн салыкты (турак үйлөр, батирлер, туруктуу же убактылуу жашоо үчүн багытталган, бирок ишкерлик ишмердүүлүгү үчүн колдонулбаган шаар сыртындагы үйлөр) карап көрүү мүмкүнчүлүгүнө карата эксперттердин бүдөмүк пикирине байланыштуу болуп турат. Чындап эле мамлекеттин социалдык милдеттемелерине байланыштуу бул салык бара-бара киргизилип жатат жана азырынча бай жарандарга карата гана колдонулууда, ошондон улам өзгөчө элет жеринде кирешенин маанилүү булагы боло албай турат.

Бирок ошол эле учурда эч бир (!!!) анализде же эксперттик тыянакта салыктын бул түрүнүн калган үч тобу, администрациялоо көйгөйлөрү, келечеги тууралуу эксперттердин жүйөлүү пикирин таба албайсың.

Практика көрсөткөндөй, экинчи жана үчүнчү топтор боюнча администрациялоо механизмдеринин көп жакшы иштелип чыкпаган шартында да, биринчи топ боюнча чогултууларга салыштырмалуу алар боюнча чогултуулар бир топ ашып түшөт. 2011-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча, экинчи жана үчүнчү топтор боюнча чогултуулар биринчи топ боюнча чогултуулардан жети (!!!) эсе ашкан. Мында бул чогултуулардын олуттуу үлүшү шаарларга жана өзгөчө Бишкек шаарына туура келет. Эмне үчүн? Анткени азырынча шаарларда гана ЖӨБ органдары менен МСК кызматынын тыгыз кызматташуусу байкалып турат жана шаарларда гана ЖӨБ органдары экинчи жана үчүнчү топтордун салыгынын маанисин түшүнүүдө. Бирок элет жеринде соода контейнерлери, күркөлөр, бут кийим оңдоочу жайлар, дүкөндөр, соода борборлору таптакыр эле жокпу? Жер үчүн салык өңдүү эле мүлк үчүн салык, анын ичинде экинчи жана үчүнчү топтор боюнча салык иштебеген ишканаларга да эсептелиш керек. Бул болсо ЖӨБ органдарына ошол ишкананын банкрот болушу тууралуу процедураны баштап, сатуунун жыйынтыгында бул салык боюнча карызды өндүрүп, жергиликтүү бюджетке киргизүү мүмкүнчүлүгүн берет.

ЖӨБ органдары салыктын бул түрүн администрациялоону жакшыртууга таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес, анткени аларда коммерциялык кыймылсыз мүлк боюнча маалымат алуу укугу жок, ал эми МСИ ЖӨБ органдарын биргелешип администрациялоо үчүн өнөктөш катары карабайт. Андыктан коммерциялык кыймылсыз объекттердин олуттуу бөлүгүнө салык салынбай келет. Ошондон улам коммерциялык кыймылсыз мүлк боюнча салык жыйноону жакшыртуу биринчи топтогу объекттерден преференцияларды алып салуу маселесин талкуулоого караганда бир кыйла келечектүү деген тыянак келип чыгууда. Кыймылдуу мүлккө (төртүнчү топ) салык чогултууда адатта маалыматка (ошол муниципалитетте катталган транспорттук каражаттардын саны) жете албоо өңдүү көйгөй чыгат, бул болсо салыктын ушул түрү боюнча чогултуунун санын көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк бербей келет.

## Администрациялоонун панацеясы тууралуу миф

Айрым эксперттердин жергиликтүү бюджетке түшкөн салыктарды администрациялоону ЖӨБ органдарынын салык кызматтарына өткөрүп берүү туу-

**2-сүрөт. 2011-жылдын 9 айында мүлк салыгынан түшкөн каражаттардын салыштырмалуу таблицасы.**



## Профессор Рой Балдын[1] фискалдык борбордон алыстатуу боюнча эрежелери

- **1-эреже. Фискалдык борбордон алыстатуу бардыгын камтыган система катары көрүнүш керек – ал бийликтин ар бир ыйгарым укугуна тийгендей болуш керек.**
- **2-эреже. Каржы функциялардын артынан эле барыш керек.**
- **3-эреже. Борбордон алыстатуунун жыйынтыктарына катаал көзөмөл жана баалоо камсыздалыш керек.**
- **4-эреже. Бюджеттер аралык мамилелердин бир эле системасы шаардык жана элеттик муниципалитеттер үчүн бирдей колдонулбайт.**
- **5-эреже. Фискалдык борбордон алыстатуу жергиликтүү деңгээлдеги башкарууга бир кыйла салыктык ыйгарым укуктарды берүүнү талап кылат.**
- **6-эреже. Борбордук өкмөт (мамлекет) өзү орноткон эрежелерди карманыш керек.**
- **7-эреже. "Буюмдарды жөнөкөй бойдон сактагыла" – бул принцип функцияларды татаалдаштырбоого, башкаруу деңгээлдери арасындагы ыйгарым укуктарды так ажырымдоого үндөйт.**
- **8-эреже. Бюджеттер аралык мамилелердин системасы борбордон алыстатуу реформасынын милдеттери менен жалпысынан үндөшүп туруш керек.**
- **9-эреже. Фискалдык борбордон алыстатууну башкаруунун бардык деңгээлдери тааныш керек.**
- **10-эреже. Каражаттарды максатсыз чыгымдоону алдын алуу үчүн катаал бюджеттик чектөөлөр зарыл.**
- **11-эреже. Бюджеттер аралык трансферттер туруктуу болбогонун таануу зарыл – алар өзгөргөн шарттарга жараша өзгөрөт жана өзгөрүш керек.**

[1] Федерализм боюнча практикалык курстун материалдары, Фрибург, Швейцария, 2012.

ралуу талабы кеңири жайылган көрүнүштөрдүн бири. Бирок бул радикалдуу талап өзүн канчалык актайт?

Жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процессти жакшыртуунун өзөктүү маселелеринин бири ЖӨБ органдарынын мыйзам тарабынан берилген булактардан мүмкүн болушунча киреше чогултууну камсыздоо жөндөмү жана мүмкүнчүлүгү эсептелет. Салык кодексине ылайык, салыктын бардык түрлөрүн администрациялоо боюнча өзгөчө укуктар КР өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматына берилген. Бул ченемдин түз чечмелениши салыкты чогултуу деңгээлин көтөрүүгө таасир тийгизүүдө ЖӨБОнун мүмкүнчүлүктөрүнүн азайышына таасирин тийгизди, ал эми кээ бир шаарларда салык кызматтары муниципалитеттердин штатынан алынып салынды. Бул чөйрөдө абалды жакшыртуу боюнча көп айтылып келген сунуштардын бири – салыктын айрым түрлөрүн, биринчи кезекте жергиликтүү салыктарды администрациялоону ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү тууралуу талаптар.

Ошол эле учурда "ЖӨБ органдарына жергиликтүү салыктарды жана чогултууларды, жергиликтүү бюджеттерге толугу менен түшүп жаткан жалпы мамлекеттик салыктарды администрациялоо функциясын өткөрүп берүү боюнча пилоттук долбоорду жүргүзүү тууралуу" КР президентинин Жардыгын (2007-жылдын 1-августундагы №361 Жардыгы) ишке ашыруунун тажрыйбасын эске алуу менен МСК органдарынын ЖӨБ органдарынын салык кызматтарына айрым ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тууралуу маселени талкуулоо туура болчудай. Бул иш аларга салыктын тигил, же бул түрүн мүмкүн болушунча чогултууга таасир этүүнү камсыздамак. Ошол эле учурда салыкты администрациялоо – бул кеңири түшүнүк болгонун түшүнүү зарыл. Ага төмөнкүлөр кирет: салык төлөөчүнү каттоо жана эсепке алуу, жогоруда турган деңгээлдер үчүн жыйынтык отчетту түзүү, салык карызын төлөтүп алууга укук жана ыйгарым укук, МСК бирдиктүү маалымат базасында салыктар боюнча маалыматтарды чагылдыруу тууралуу талаптар.

ЖӨБ органдарынын салык кызматтарына администрациялоо боюнча ыйгарым укуктарды берүү маселесин талкуулоодо тигил, же бул функциялардын жана ыйгарым укуктардын максатка ылайыктуулугу маселесин эсепке алуу да зарыл. Бул маселе боюнча чечим кабыл алууда отчет тапшыруу жана салык төлөөдө татаалдашуу болбошу үчүн салык төлөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын эсепке алуу өтө маанилүү. Андыктан ЖӨБ органдарынын администрациялоо боюнча бардык ыйгарым укуктарды алуу аракетин тизгиндөө керек, ушундай кырдаалда салык чогултуу процессин жакшыртууга көмөктөшчү айрым гана ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү маселеси талкууланганы оң болот.

### Сынбы же аша чабуубу?

Адатта эксперттердин сунуштарында фактылар маселенин жалпы мазмунунан суурулуп алынганы жана бул фактылар дайыма эле бейтарап чечмеленбегени таң калтырат.

Жергиликтүү бюджеттердин чабалдыгы бир катар факторлор менен шартталат, аларды комплекстүү, өз ара байланышын үзбөстөн кароо зарыл. Бул факторлор реформанын схемасы жана дизайны менен гана эмес, ошону менен бирге аны жергиликтүү деңгээлде ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү менен да аныкталат.

Жалпысынан каржылык жактан борбордон алыстатуу боюнча реформалар төмөнкү принциптерге

негизделиш керек:

- Мамлекет жергиликтүү бюджеттердин кирешe бөлүгү жергиликтүү маанидеги иштерди жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча милдеттерди аткарууда чыгашаларды каржылап, бери дегенде белгилүү бир социалдык стандарттарды аткарууну камсыздай ала тургандай жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруунун эрежелеринин жана бюджеттер аралык мамилелердин системасын түзөт.
- Мамлекет ЖӨБ органдарын өзүнүн каржы ресурстарын башкаруу маселелеринде чындап эле өз алдынча болуусун камсыздайт.
- Мамлекет трансферттик саясатты ресурстарды бөлүштүрүүдө негизделгендик, айкындуулук, болжолдоо мүмкүнчүлүгү менен акыйкаттык шарттарында жүргүзөт.
- Мамлекет бюджеттик процессти, бюджеттик маалыматка жеткиликтүүлүктү, кирешени чогултууну жакшыртуу боюнча мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы өнөктөштүктү камсыздайт.
- Мамлекет каржы жана башка ресурстарды башкаруу маселелеринде ЖӨБ органдарынын дараметин жогорулатуу үчүн шарт түзөт.

Белгилей кетүүчү жагдай, жогоруда аталган принциптердин көпчүлүгү кошумча ресурстарды талап кылбайт. Киреше булагынын жетиштүүлүгү, же жетишпестиги тууралуу маселе комплекстүү, жогоруда айтылган принциптерди конкреттүү программаларга киргизүүнү эсепке алуу менен чечилиш керек. Негизинен эгерде жеринде жергиликтүү бюджетке киреше булактарын толук чогултуу мүмкүнчүлүгү камсыздалбаса, ал эми алар боюнча көрсөткүчтөрдү жогорку жакта тургандар айтып турса, анда алардын санын талкуулоонун зарылчылыгы деле жок. Мамлекеттин негизги милдети – ЖӨБ органдарынын өнүгүүсү үчүн, өзгөчө каржыны өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө шарттарды түзүп берүү. Эгерде мамлекет ушул принциптердин бирөөн гана аткарбаса, реформа өз максатына жетти деп айтууга болбойт.

Жергиликтүү бюджеттерге карата бүгүнкү кырдаал көрсөтүлгөн принциптерге жооп берип жатабы? Учурдагы жана 2012-жылга болжолдонгон бюджеттер аралык мамилелердин системасы жана кирешелүү булактардын бекитилиши ЖӨБ органдарынын минималдык чыгаша милдеттеринин аткарылышын камсыздаш керек. Тиешелүү талап теңдөөчү жана категориалдык гранттарды түзүү методикасында чагылдырылган. Бирок булардын баары ЖӨБ органдарын дотациялык "чуңкурдан" алып чыгуу үчүн жетишсиз. Жергиликтүү бюджеттердин киреше базасы жетишерлик деңгээлде өз киреше булагын "салмактуу" камтыгандай көрүнөт. Бирок анализ көрсөткөндөй, аларды жеринде натыйжалуу чогултуу жана киреше бөлүгүнө чегерүү үчүн шарттар түзүлгөн эмес. Балким кошумча киреше булак зарылдыгын талкуулоодон мурда мамлекет колдогу кирешелерди максималдуу түрдө натыйжалуу түзүүгө жол ачкан системаны түптөшү керектир.

## Швейцарияда бюджеттер аралык мамилелердин реформасынын ийгилиги үчүн өтө маанилүү деп табылган маселелер

- **Бардык кызыкдар тараптар бюджеттер аралык мамилелер зарыл жана аргасыз болгонун моюнга алыш керек. Бул макулдукту башкаруунун бардык деңгээлдеринен жана Конфедерациянын субъекттеринен алуу өзгөчө маанилүү болчу.**
- **Реформа узак убакытты талап кылат: Швейцарияда алгачкы анализ жана өзгөрүүлөрдү божомолдоо XX кылымдын 90-жылдарынын башында жасалган, ал эми реформа реалдуу түрдө 2008-жылдан тарта гана ишке аша баштаган.**
- **Бардык кызыкдар тараптар реформага тартылган – бул Швейцариялык саясий консенсустун үлгүсү катары кантондордун (штаттардын) жана Конфедерациянын биргелешкен долбоору болгон.**
- **Масштабдуу реформалар саясий алкактар менен аныкталган.**
- **Реформанын жүрүшүндө акчасын жоготкондор реформанын пайдасын түшүнүшү керек болчу – бул дотацияланган региондорго моралдык жөлөк пул (мисалы, реформанын натыйжасында элеттик ооруканалар Цюрих дотациялаган ооруканаларга караганда көбүрөөк каражат алат, бирок азыр элеттик тургундар киши көп Цюрихке барууга аракет жасабай калды.**

**Доктор Петер Мишлер,**
Швейцариянын кантондорунун Каржы министрлеринин Конференциясынын башкы катчысынын орун басары

**Тилекке каршы бюджеттер аралык мамилелерди реформалоонун мындай аспекттери реформаны сындагандардын көңүл сыртында кала берип, биринчи планга мазмундан суурулуп алынган өз-өзүнчө фактылар гана чыгып калууда. Ошол эле кезде мамлекет да реформанын принциптерине карама-каршы келген айрым фактылар тууралуу айтпай жатканын да белгилебей коюуга болбойт. Мисалы, категориалдык гранттарды эсептөөнүн жаңы тартибинин билим берүүдөн тышкаркы жергиликтүү бюджеттин башка функцияларын камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө таасири. Бирок бул тууралуу биз каржылык жактан борбордон алыстатууга арналган кийинки макалада сөз кылабыз.**



# ТАШТАНДЫГА КАРШЫ ТУРУУ МҮМКҮНБҮ?

**Танат Осмонкулов,**
“Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун
ЖӨБ органдары менен иш алып баруу боюнча адиси

**Сүрөттүн автору - Илья Каримджанов, http://karimdjanov.kloop.kg**

### Кыргызстандын бардык аймактары бири-бирине ... таштандысы менен окшош

Карапайым катардагы жаранды да, ири өндүрүш ишканасын да түйшөлткөн маселелердин арасында бир жалпы чоң тапшырма бар, аны чечүү адатта баш ооруга айланат – бул таштандыны чыгаруу. Чындыгында эле үйдүн короосунда доодой үйүлүп жаткан таштандыны көрүп турган да, санэпидкөзөмөл же экологиялык кызматтардан айып пул төлөө тууралуу билдирүү алган да жагымсыз. Анын үстүнө таштанды да чоң аймакты ээлейт эмеспи. Бир гана жол бар – таштанды туруктуу чыгарылып туруш керек, же зарыл болгон учурда таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөткөн кайсы бир уюмдун буйрутмасы менен ишке ашырылыш керек. Ошол эле учурда мыйзам боюнча, катуу тиричилик калдыктарын чогултууну жана чыгарууну уюштуруу милдети жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлгөн.

ЖӨБ органдарынын милдетине таштанды чыгаруу гана эмес, муниципалитеттин аймагындагы абалды көзөмөлдөө да кирерин түшүнүш керек. Мисалы, таштандынын үймөгүн, таштандылардын туш келди чачылып жатышын алдын алуу. Таштанды менен күрөшүү иши акыркы жылдары өзгөчө актуалдуу болуп калды. Анткени таштандынын саны бир нече эсе өстү – жыйырма жыл мурдагыдай жеке буюмдар керектөөчүдөн керектөөчүгө өткөрүлбөй, аларды ыргытып салуу күчөдү. Мындай буюмдардын арасында жараксыз болуп калган кийим гана эмес, эски эмерек да, атүгүл бузулуп калган тиричилик техникасы да бар. Анан албетте келемиштердин жана адам үчүн коркунучтуу болгон ооруларды алып жүргөн башка жандыктардын көзөмөлсүз көбөйүүсүн шарттаган тамак-аш таштандылары да бар.

Эмесе аймактын санитардык абалынын жана таштанды чыгаруунун көйгөйлөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети. “Элдин үнү жана ЖӨБО жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун  алкагында Өнүктүрүү саясат институту пилоттук үч муниципалитетке айылдын керектөөсүн биргелешип билүүнү (АКББ)  өткөрүүгө жардам берди. Анын натыйжасында пилоттук аймактарда жашаган жарандардын көпчүлүгүн тынчсыздандырган артыкчылыктуу маселелер аныкталды. Көрсө, таштанды – бул пилоттук үч – Ивановка, Төрт-Күл жана Ленин айылдык аймактарында артыкчылыктуу маселе экен. Ивановка аймагынын сурамжылоого катышкан 184 тургуну таштандыга байланыштуу учурдагы кырдаалга мындай мүнөздөмө

беришти:

- таштанды чыгаруу боюнча айыл өкмөтүнүн иши тартипке салынган эмес, чыгаруу графиги түзүлгөн эмес, аны чыгарууну көзөмөлдөй турган жооптуу киши жок;
- кварталдар боюнча таштанды чогултуу жана чыгаруу үчүн каражатты жыйноо жана сарптоо боюнча отчеттор берилбейт;
- таштанды чогултуу боюнча атайын техника жетишпейт, ал эми колдо болгону өтө эле эскирди.

Ивановка АА таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн учурдагы системасына тургундар наразы. Ивановка АӨ башчысынын орун басары К.Исаевдин айтымында, жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын айылды көрктөндүрүү, анын ичинде таштанды чыгаруу үчүн жетишсиз болгону, техниканын эскириши – прицеби менен бир гана трактор бар, ага да 20 жыл толду – бул кызматты сапаттуу ишке ашырууга бут тосууда.


Анткен менен Ивановка АА аймагында бул иштер жарым-жартылай болсо да жолго салынган жана иштеп жатат. Бирок Долбоорду ишке ашырууга катышкан башка пилоттордо кырдаал начар. Төрт-Күл АА тургундары 2011-жылы таштанды чыгаруу үчүн жалпысынан 14 миң сом төлөгөн. Бул болсо айыл өкмөтү таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүгө багыттай ала турган каражаттын жалпы көлөмүнүн 18 пайызын гана түзөт (таблицаны жана 1-сүрөттү караңыз).

Чогултулган каражат таштанды топтолгон жерлерди алардын жанында жашоо таптакыр мүмкүн болбой калганда маал-маалы менен жок кылууга гана жетет. Төрт-Күл айылдык аймактын кирешесинин бир кыйла бөлүгү республикалык бюджеттен гранттар түрүндө (дотациялар) түшөрүн эсепке алганда, бул



**1-таблица жана сүрөт. Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Төрт-Күл АА таштанды чыгаруу үчүн чогултуунун жалпы потенциалдуу көлөмү**

| | |
|---|---|
| 2011-ж. таштандыны чыгаруу үчүн жыйналган төлөм | 14000 сом |
| Топтоо пайызы | 18 % |
| Короолордун саны | 1 531 |
| Тариф | 50 сом |
| АА боюнча таштандыны чыгаруудан потенциалдык топтолуучу жалпы каражат | 76550 сом |




киреше мамлекеттик кызматтар жана билим берүү өңдүү милдеттүү функцияларды камсыздоого гана араң жетет, ал эми таштанды үчүн акча жок. Айта кетчү жагдай, коммуналдык керектикке, анын ичинде таштандыга чыгашаларды жергиликтүү бюджет өз кирешесинин эсебинен жабыш керек, демек муниципалитеттин тургундарынан башка эч ким таштандыны жыйноо үчүн акча бөлбөйт. Андыктан жамаат кантип жана кайсы каражатка аймактагы таштандыны жыйноо керектигин өзү ойлонуш керек.

Ушундай эле кырдаал Жалал-Абад облусундагы Ленин АА да түзүлдү.

Ошентип таштанды чогултуу көйгөйү Кыргызстандын айылдык муниципалитеттеринде кеңири жайылган. Жада калса Совет доорунда да айыл жеринде катуу тиричилик калдыктарды чогултуу жана чыгаруу системасы жеткиликтүү иштебегени көйгөйдү курчутту. Ошол маалда деле элет калкы таштандыны өз алдынча жок кылууга аракет жасачу. Бирок ал убакта таштанды кайра жеңил иштетилчү. Азыркы убакта таштандыны (пластика, металл) жок кылуу бир топ оор, ал ЖӨБ органдарынан ылайыктуу кызматты жана жаңы технологиялык ыкмаларды талап кылууда.

## Кантип жыйноону билсең, таштанды анчалык деле коркунучтуу эмес

Кыргыз Республикасынын аймагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары "таштанды көйгөйүн" ийгиликтүү чечип келаткан муниципалитеттер да бар. Андыктан "Элдин үнү жана ЖӨБ жоопкерчилиги" долбоору пилоттук ай-

мактарга өлкөдөгү айрым ийгиликтүү тажрыйбаны үйрөнүүгө жардам берейин деп чечти. Бул үчүн Ивановка, Төрт-Күл жана Ленин айылдык аймактарынын өкүлдөрү үчүн Чүй облусундагы ЖӨБ органдары таштанды жыйноо жана чыгаруу кызматын көрсөтүп келаткан Беловодск жана Гаврилов муниципалитеттерине окуу сапары уюштурулду.

Он тогуз адам, анын ичинде айылдык кеңештердин төрагалары; айыл өкмөтүнүн башчылары жана орун басарлары; көрктөндүрүү маселелери менен алектенген адистер; башкы бухгалтерлер жана каржы-экономикалык бөлүмдөрдүн жетекчилери; ошондой эле таштанды боюнча демилгелүү топко кирген калктын өкүлдөрү "Чүй облусундагы Беловодск жана Гаврилов айылдык аймактарында катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн практикасы" деген тема боюнча алмашуу сапарына катышты.

"Таштанды" кызматын уюштуруу практикасы жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнөн жана аймактын территориалдык өзгөчөлүктөрүнөн көз каранды. Андыктан окуу сапарын уюштуруу үчүн муниципалитеттердин тандоо төмөнкү критерийлерге негизделди:

- техникалык базанын, анын ичинде атайын техниканын болгону;
- утилизациялоо боюнча ишмердүүлүктүн уюштурулушу;
- кызмат көрсөтүү үчүн жергиликтүү бюджеттин чыгашасы;
- ЖӨБ органынын кызмат көрсөтүүчү менен иштешүүсү;
- ЖӨБ органынын калк менен биргелешип иштешүүсү;
- кызматты башкаруунун жөнгө салынган системасы жана анын ишке ашырылышын көзөмөлдөө.

Эмесе, көрсөтүлгөн критерийлерден улам тажрыйбасын үйрөнүү үчүн Чүй облусунун Беловодск жана Гаврилов аймактары сунушталды. 2-таблицада көрүнүп тургандай, эки муниципалитетте кызмат



көрсөтүү системасы бири-биринен олуттуу айырмаланат. Муниципалитеттер да бири-бирине окшош эмес. Гаврилов АА КТК жок кылуу үчүн өз полигонуна ээ эмес, бирок ал жакта калктын саны да аз. Беловодск аймагында акционердик коом иш алып барат – жеке ишкана, анын ири акционери муниципалитеттин өзү, ал эми Гаврилов АА – муниципалдык ишкана.


Беловодск аймагынын башчысы Александр Кононовдун айтымында, бул кызматты көрсөткөн ишканалар эгерде маянага мисалга 20 миң сом сарптаса жана жүгүртүү капиталы 1 миллион сомдон кем болбосо ишенимдүү болот. Бирок бул үчүн акы чогултууну жогорулатып, ошондой эле ири айылдардагы жергиликтүү жамааттардын ичинен активдүү жарандарды санитардык-экологиялык системага киргизиш керек.

Гаврилов аймагынын башчысы А. Усенов калкта санитардык-экологиялык аң-сезимди тарбиялоо зарыл деп эсептейт: "Башында, биз жаңыдан гана таштанды чогултуу боюнча аянтты уюштурууга киришип жатканда аларды жергиликтүү бюджеттин эсебинен куруп жаттык. Жергиликтүү тургундар



аларды көп жолу талкалачу. Жергиликтүү бюджеттен кошумча каражат бөлүү менен аянттарды оңдоого мажбур болчубуз”.

Эки модель тең идеалдуу эмес, анткен менен алар конкреттүү жамааттардагы керектөөлөргө жана кырдаалга жараша түзүлдү. Ивановкадан, Төрт-Күлдөн жана Ленинден келген коноктор эки системанын ишинин өзгөчөлүктөрүн түшүнүп, өз муниципалитетинде кызмат көрсөтүү кантип уюштурула турганын чечиш керек болду.



## Окуу сапарынын жүрүшү

### Беловодск АА

Сапардын алгачкы күнү катышуучулар Беловодск АӨ башчысынын “Беловодск АА боюнча КТК

**2-таблица. Эки муниципалитеттеги таштандыны чогултуу, чыгаруу жана утилизациялоо системасын уюштуруунун салыштырмалуу мүнөздөмөлөрү.**

| Кызматтын мүнөздөмөсү | Беловодск АА | Гаврилов АА |
|---|---|---|
| Калкы | 23 миң | 6 миң |
| Кызматты уюштуруунун формасы | “Коммунальщик” АК, акциялардын 51% Беловодск АӨ, 49% жеке бизнестин колунда | Жеке муниципалдык ишкана |
| Техникалык база | 2 таштанды чыгаруучу (1 муниципалдык, АРИСтин жардамы менен алынган), 16 таштанды үчүн аянт, 158 контейнер (кабаттуу үйлөрдө, жеке сектордо, бизнес субъекттеринде, стихиялык жерлерде) | Жеке сектордо таштанды үчүн аянтчалар. КТК чыгаруу үчүн жүк ташуучу унаа бар, аны жеке жак колдонот. Келишимдин шарттарына ылайык, унаага кам көрүү үчүн материалдык жоопкерчилик жеке жакка жүктөлгөн |
| Утилизациялоо | Кайтарылган таштанды төкчү муниципалдык жай бар, аянты 3 гектар | Муниципалдык таштанды төкчү жай жок. Чыгарылган КТК коңшу Сокулук АА таштанды полигонунда жок кылынат |
| Жергиликтүү бюджеттин чыгашалары | Турак жай-коммуналдык чарба, анын ичинде таштанды үчүн жылына 1,5 миллион сомдон ашуун | Муниципалдык ишкананын өз бюджети бар |
| Кызмат көрсөтүүчү менен өз ара аракеттешүү | “Коммунальщик” АК жетекчилиги айыл өкмөтүнүн жетекчилигине жана кызматкерлерине жыл үчүн чыгашалардын деталдык сметасын берет (анын ичинде КТК кызматы үчүн). Андан кийин сметаны айылдык кеңеш карай жана бекитет. Сметадагы өзгөрүүлөр да кеңештин сессиясында каралат | Айыл өкмөтү чыгашалардын деталдуу сметасын даярдайт |
| Калк менен өз ара аракеттешүү | “Коммунальщик” АК калк, бизнес структуралары менен келишим түзөт. ЖӨБО КТК боюнча калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзөт | Айыл өкмөтү КТК боюнча калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзөт |
| Башкаруу | Кызматты АӨ башчылыгы, ТЖКЧ маселелери боюнча адис, АК туруктуу комиссиясы сыртынан башкарып турат | Муниципалдык ишкананы директор башкарат |
| Башка катышуучулар | Кызмат башка уюмдарга да, анын ичинде бизнеске да көрсөтүлүп турат | Кошумча кызматты жеке ишкерлер жана дыйкан чарбасы көрсөтүп турат |





боюнча кызмат көрсөтүү практикасы", КЭБ башчысынын " ТЖКЧ боюнча каржылык башкаруу" (каржылык документация, техникалык базанын реестри) аттуу темада бет ачарын угуп, Беловодск айылдык аймагынын ишмердүүлүгү менен таанышты. Ошондой эле катышуучулар аймакты көрктөндүрүү, айыл өкмөтүнүн алдындагы санитардык-экологиялык инспекция, КТК маселелери боюнча кеңештин депутаттык корпусунун ишмердүүлүгү тууралуу жергиликтүү ченемдик актылар менен таанышты. Андан кийин катышуучулар "Коммунальщик" АК барып, ишкананын иши кантип уюштурулганын көрдү. Анын ичинде:

- көп батирлүү үйлөрдүн, жеке сектордун, кичи жана орто бизнес объекттеринин жана бюджеттик уюмдардын алдында КТК жыйноо үчүн аянтчалар тууралуу;
- акционердик коомдун техникалык базасы, анын ичинде инфраструктурага жана кызмат көрсөтүү боюнча атайын техникага кам көрүү жана аны колдонуу маселеси тууралуу;
- КТК боюнча өндүрүш циклин уюштуруу, анын ичинде муниципалдык таштанды жайына кам көрүү үчүн чыгашалар тууралуу;
- кошумча кызмат көрсөтүү боюнча ишкананын ишмердүүлүгү тууралуу;
- ишкананы каржылык башкаруу тууралуу.

**Гаврилов айылдык аймагы**

Гаврилов аймагында катуу тиричилик калдыктарын башкаруу боюнча жөнгө салынган иш катышуучулардын өзгөчө кызыгуусун жаратты. Себеби Гаврилов аймагынын мүнөздөмөлөрү – аймагы, административдик бөлүнүшү, жайгашуусу, калктын саны – сапарга катышкан өкүлдөрдүн муниципалитеттерине окшошуп кетет.

Гаврилов АА тарабынан алмашуунун уюштуруучулары иш-чарага практикалык мүнөз берүү максатында жана катышуучулардын каалоосуна ылайык, программага өзгөртүү киргизип, "Көрктөндүрүү боюнча комбинат" муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгүнө кенен токтолушту. Ишкананын директорунун милдетин аткаруучу С.Титова ишкананы каттоодо өзгөчөлүктөр, салык органдары, Социалдык фонд, айыл өкмөтү алдындагы каржылык отчеттуулук тууралуу кенен айтып берип, чарбалык ишмердүүлүк маселесине токтолду. АӨ каржы бөлүмүнүн бухгалтери катары тажрыйбасы болгон үчүн С.Титова бардык суроолорго квалификациялуу жооп бере алды.

Ишкана Гаврилов АА аймагында калкка кызмат көрсөтөт; каржы айыл өкмөтүнөн гана айылдык кеңештин сессиясында бекитилген тарифке ылайык түшүп турат. Негизи тариф – ушул өңдүү ишкананы уюштуруу маселесинде эң оор маселелердин бири. Бирок ал ишкананын каржылык туруктуулугу үчүн өзөктүк мааниге ээ. Андыктан сапардын катышуучулары үчүн таштанды чыгаруу үчүн тарифти эсептөө (моделдештирүү) боюнча практикалык көнүгүү уюштурулду.

## Эмнени үйрөндүк?

Практикалык көнүгүү катышуучулардын өзгөчө кызыгуусун жаратты. Анткени анын жардамы менен алардын муниципалитеттеринин аймагында кызмат кантип уюштурууларын жана бул үчүн









кандай каражат керектелерин элестете алышты. Эсептер катышуучуларга бекитилген тарифтердин ишенимдүүлүгүн анализдөөгө жана инфраструктурага капиталдык салымдарды эсепке алуу менен тарифтердин альтернативдик варианттарын эсептеп чыгууга жардам берди. Мисалы, Төрт-Күл аймагынын өкүлдөрү таштанды чыгаруу боюнча кызматты уюштуруу үчүн бюджеттик каражаттын жылдык керектөөсүн эсептеп чыгышты.

Алмашуу сапарынын жүрүшүндө катышуучулар жолугушуулар, топтун ичиндеги талкуулар, тажрыйбалар жана идеялар тууралуу дептерлерине күндө жазып жүрүштү. Анткен менен болочок кызмат тууралуу жалпы идеялардан жана ой-толгоолордон, ошондой эле абстрактуу тарифтерди эсептөөдөн тышкары сапардын олуттуу натыйжасы катары иш-чаранын соңку бөлүгүндө катышуучулар даярдаган жана көрсөткөн КТК чыгарууну уюштуруу боюнча конкреттүү пландардын долбоорлорун айтса болот.

**3-таблица. 2012-жылга карата Төрт-Күл АА КТК чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү үчүн бюджеттин долбоору**

| Чыгымдар | Сумма |
|---|---|
| Учурдагы чыгымдар (таштанды чыгаруу кызматы, анын ичиинде күйүүчү май чыгымы, трактор айдоочунун жана жүктөгүчтүн айлык акылары) | 64589 сом |
| Капиталдык инвестициялоого каражаттар: 5 таштанды аянтын куруу (айылда куруу маселеси айыл тургундары менен макулдашуунун негизинде ишке ашырылат) | 39411 сом |
| Жалпы | 104000 сом |

Ленин аймагынын өкүлдөрү биринчи кезекте ар бир айылда жер тилкелерин таштанды аянты үчүн бөлүү, ошондой эле сапардын жүрүшүндө алынган тажрыйбанын негизинде муниципалдык ишкананы түзүүнү бүткөрүү ишин тездетүү маселесин кароону чечти.

Төрт-Күл айылдык аймагынын өкүлдөрү айылдык кеңештин жакынкы сессиясында таштанды чогултуу үчүн жылдык чогултуунун көлөмү тууралуу маалыматты карооону, ошондой эле коомдук угууда КТК кызматын көрсөтүүгө байланыштуу маселени талкуулоону чечти.

Ивановка АӨ өкүлдөрү таштанды үчүн аянтты курууга каражат табууну жана таштанды контейнерлерин даярдоону, ошондой эле атайын техниканы сатып алуу боюнча долбоорду даярдоону чечти.

Ошентип, тиричилик жана курулуш таштандысын чыгаруу жана жок кылуу – чечиле турган маселе. Адатта бул кызматты алгылыктуу деңгээлде көрсөтүү үчүн жергиликтүү бюджетте каражаты жетиштүү болгон шаарларда гана мындай маселени чечүү мүмкүн деп эсептелинет. Бирок муниципалдык башкаруунун практикасы көрсөткөндөй, маселе айылдарда да чечилет, ал эми бул үчүн зарыл болгон каражат бир карагандагыдай өтө деле чоң эмес. Ошондой эле бул эртеңки күндүн эмес, кечээки күндүн маселеси. Кыргызстандын элет тургундары кызматтарды шаар тургундары менен бир катарда колдоно албайт деп ким айтты? Каражат табуу мүмкүн, бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына методологиялык колдоо, өз күчүнө болгон ишеним жана ишти аткаруу мүмкүн болгонун далилдеген оң мисалдар зарыл. Мындай жакшы мисалды катышуучулар Беловодск жана Гаврилов айылдык аймактарына болгон окуу сапары өңдүү өз көзү менен көргөнү жакшы.





# Мектеп бюджети боюнча коомдук угуулар – талаштардын, жаңжалдардын жана коррупциянын алдын алуу механизми

**Гуляим Шамшидинова,**
“Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун ЖӨБ органдары менен иш алып баруу боюнча кеңешчиси

## Мектеп - окуу процессинин маанилүү катышуучусу

“Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту жарандарды бюджеттик процесске тартуу боюнча чоң иштерди алып барууда. Анткен менен бюджеттик процесстин өзү мында бюджет боюнча мыйзамдарда аныкталгандан да кеңири алкакта каралат. Бюджеттик каражаттар дегенде жалпы элдик, коомдук каражаттарды түшүнүү менен Институттун эксперттери жергиликтүү жамааттар үчүн көйгөйлүү болгон орто билим берүүнү кошо каржылоо өңдүү теманы көңүл сыртында калтырып коё алган жок. “Муниципалитет” журналынын январь айындагы санында биз Кыргызстандагы орто мектептер жарым-жартылай ата-энелердин каражаты менен кармаларын, ал эми мамлекет орто мектепти каржылоого карата өз милдеттемелерин толук аткарбарын далилдеген кырдаалдын анализин жарыялаганбыз. Бул көйгөйдүн эки жагы бар. Биринчиси, мамлекеттин ролу жана бул тууралуу биз ошол макалада сөз кылганбыз. Экинчиси, ата-энелердин капчыгынан мектептерге түшүп жаткан аз эмес өлчөмдөгү финансы каржаттарын иш жүзүндө башкарылып жатышы. Ата-энелер менен сүйлөшө келгенде дооматтардын негизги бөлүгү төлөө фактысына эмес, алар бул каражаттар кантип башкарылып, кандай максаттарга сарпталып жатканын билбегенге карата багытталарын түшүнөбүз. Анткени мында коррупция тууралуу шектенүүлөр пайда болууда. Мамлекетти мектепти талап кылындай деңгээлде каржылоого мажбурлаганга караганда, коррупция менен күрөшүү жеңил. Андыктан “Элдин үнү жана жоопкерчилиги” долбоору өзүнүн пилоттук айылдык аймактарындагы мектептерге коомдук угуулар аркылуу мектептердин бюджеттерин бир аз айкындуураак кылууга жардам берди. Мунун баары окуу сапарынан кийин башталды.

Коомдо мектептерге түшүп жаткан ата-энелердин каражаттарынын тегерегиндеги талкуулар, талаштар токтобой келет. Биринчилери бул каражатарды “пара” деп атаса, экинчилери “аргасыз чара” катары бааласа, үчүнчүлөрү “демөөрчүлүк ыктыярдуу жардам” катары сыпаттайт. Анткен менен бүгүнкү күндө мамлекет мектептерди толугу менен камсыздай албай турганын баары эле түшүнүп турат. Анткени мугалимдерге айлык акы жана социалдык чегерүүлөрдөн тышкары өтө чоң финансы каражаттары материалдык-техникалык камсыздоого (жабдуулар, чарбалык керектөөлөр, кызматтар жана дагы башкалар) сарпталат. Мына ушул жерде мектептердин жетекчилигинин айтымында, ата-энелердин жардамы болбосо, мектептин жашоосу жана андан ары өнүгүүсү токтойт.

Өлкөдө көңүл бурууну талап кылган оң мүнөздөгү тажрыйба топтолуп калды. “Элдин үнү жана ЖӨБ жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун үч пилоттук аймактын ЖӨБ органдары менен кызматташтыгынын алкагында жана бул темага карата жергиликтүү жамааттын кызыкчылыгын эске алуу менен ӨСИ ушул аймактардын АӨ жана мектептери үчүн билим берүү мекемелеринде ата-энелердин каражаттарын түзүүдө жана чыгымдоодо ачыктык жана

айкындуулук маселеси боюнча ушул тажрыйба менен бөлүшүү ишин уюштурду.

Сапарга долбоордун үч пилоттук айылдык аймагынын 29 өкүлү катышты. Алар: Ивановка (Чүй облусу, Ысык-Ата району), Ленин (Сузак району, Жалал-Абад облусу), Төрт-Күл (Тоң району, Ысык-Көл облусу) айылдык аймактарынын өкүлдөрү: АӨ кызматкерлери, мектеп директорлору жана окуу бөлүм башчылары, ата-энелер комитетинин төрагалары. Алмашуу иш-чарасынын катышуучулары эки күндүн ичинде коомдук угууларды уюштуруу жана өткөрүү жаатында теориялык билим гана албастан, ошону менен бирге эки шаардык жана бир элеттик мектептердин бюджетин башкарууда ачыктык жана айкындуулук жаатындагы практикалык тажрыйбага да күбө болушту.



## Бишкектин №1 мектеби: "Өз жетишкендиктери менен мектеп ата-энелерге милдеттүү"

Атайын жабдылган бөлмөдө директор Валентина Васильевна Кириченко катышуучуларга мектеп тууралуу, анын жетишкендиктерин баяндаган тасманы көрсөттү. Директордун айтымында, 2004-жылы ата-энелер Колдоо жана өнүктүрүү боюнча коомдук уюмду (КЖӨБКУ) түзгөндөн тарта мектеп жеңиштерге жете баштады. Ата-энелер ай сайын ар бир окуучуга 200 сом өлчөмүндө акы төлөйт жана ушул каражаттардын эсебинен мектеп өнүгүү жолунда. КЖӨБКУда расмий түрдө бухгалтер жана кассир иштейт, алар маяна алат (ушул өңдүү көпчүлүк уюмдарда алар ыктыярдуу негизде, маяна албастан иштешет). Алар бардык социалдык чегерүүлөрдү, төлөмдөрдү банк аркылуу ишке ашырышат. Директор ата-энелер көпчүлүк мектептердеги фонддорго караганда коомдук уюмдарга көбүрөөк ишенишерин белгиледи.

Андан соң директор мектептин бюджети боюнча коомдук угууга даярдык кантип жүргөнүн жана ишке ашырылганын айтып берди. Угууну өткөрүү тууралуу чечим бир заматта жана оңой-олтоң эле кабыл алынган жок. Эки жылдын аралыгында мектеп "Айкын бюджет үчүн альянсы" КЮЛ жана Өнүктүрүү саясат институту менен иштешип, акча каражаттарын, анын ичинде ата-энелердин төлөмдөрүн колдонууда айкындуулук боюнча семинарларга, тренингдерге жана "тегерек үстөлдөргө" катышты. Андан соң мектептин, ата-энелердин жана окуучулардын бир добуштан колдоосу менен бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуу өткөрүү тууралуу чечим кабыл алынды. Коомдук угуу 2011-жылдын апрель айында өттү. Угууга даярдык бир айга жакын убакытты алды жана төмөнкү тапшырмаларды чечүүнү караштырган:

- мектептин педагогдору, ата-энелер жана окуучулар бюджеттик процессти канчалык билерин аныктоо жана мектептин артыкчылыктарын аныктоо үчүн сурамжылоо жүргүзүү;
- мектептин бюджети тууралуу каржылык отчеттун бет ачарын, иш-чаранын планын, угуулардын катышуучулары үчүн эрежелерди иштеп чыгуу;
- буклеттер, баракчалар жана плакаттар түрүндө маалыматтык материалдарды даярдоо жана аларды окуучулар аркылуу ата-энелерге таратуу.

Жооптуу адамдар жана качан аткарылары көрсөтүлгөн текшерүүчү барактын негизинде, биргелешкен аракеттерге жана эптүү ишке жараша алдыга коюлган тапшырмалардын баары өз убагында ийгиликтүү ишке ашты.



Бул иш-чаранын өзгөчөлүгү – угууларга даярдык көрүү жана өткөрүү процессине педагогдор, ата-энелер жана окуучулар активдүү тартылды. Мисалы, экономика сабагы учурунда 4-11-класстардын окуучуларынын алдында өз мектебинин чыгашаларынын сметасын иштеп чыгуу жана түзүү тапшырмасы берилген. Натыйжада угуулар жогорку деңгээлде өттү. Мында агрессивдүү маанайдагы ата-энелер болгон жок (мындай көрүнүш буга чейинки отчеттук жыйындарда орун алчу), конструктивдүү сынчыл пикирлер гана жаңырып турду. Жалпысынан угууларга 160ка жакын киши катышты, алардын арасында шаардык кеңештин депутаты да болду.

КУ жыйынтыгы деп мектептин бюджетинин айкындуулугун гана эмес, ошону менен катар ачык иш-чараны окуучулар жана ата-энелер менен бир-



геликте уюштуруу жана өткөрүү боюнча алынган натыйжалуу тажрыйбаны да эсептесе болот. Дал ошолордун сунушунун негизинде мектептин негизги артыкчылыктары аныкталды – ата-энелердин төлөмдөрүн биринчи кезекте кайда сарптоо зарыл жана максаттуу болмок. Мектептеги угуулардан кийин даараткананда оңдоо иштери жүрүп, мектептин аймагы жарыктандырылып, мугалимдердин айлык акысына кошумча каражат бөлүнүп, мугалимдерге жана техникалык кызматкерлерге күнүнө 16 сом өлчөмүндө транспорттук чыгаша үчүн акча берилип, коридорго чоң күзгү сатылып алынды. 2011-жыл үчүн мектептин бюджети боюнча кийинки угуулар 2012-жылдын май айында өтөт.

Сөзүн жыйынтыктап жатып, №1 мектептин директору Валентина Кириченко кесиптештерине – алмашуунун катышуучуларына өз сунуштарын берди:

Мектептин бюджети боюнча коомдук угууларды сөзсүз өткөрүп туруу керек – бул ушак-айыңдарды, талаштарды жана жаңжалдарды алдын алуу үчүн зарыл. Өзгөчө көңүлдү ачыктыкка, маалыматтык билдирүүгө буруу керек. Анткени туура, жеткиликтүү, тең салмактуу жана өз убагында алынган маалымат – бул туура жана натыйжалуу чечимдерди кабыл алууга жардам берет. Угууларга коомчулукту, ЖӨБнун аймактык органдарынын өкүлдөрүн, кеңештин депутаттарын, бейөкмөт уюмдарды чакырыш керек. Биз шаардык кеңештин депутатын чакырган элек, кийин ал мектептин ремонтуна шаардын бюджетинен 150 миң сом бөлдүртүп берүүгө көмөктөшкөн. Ата-энелер менен тыгыз иштешип, окуучуларды иш-чарага даярдык жана өткөрүү процессине тартыш керек. Бүгүн биз коомдук бирикмелерсиз жана алар ата-энелерден чогулткан каражатсыз жашап кете албайбыз. Бирок эгерде сиздин айыл өкмөт мектептин иштешиндеги көйгөйлөрдү толук кандуу чечип келатса, анда коомдук уюмдарды түзүүнүн кажети жок. Албетте бирикмени түзүү – бул аргасыз чара, айла жоктун иши, аны мектепти жоготуп албаш үчүн, балдарга жакшы шарттарда сапаттуу билим берүү үчүн жасалууда. Бирок жалпысынан бул мамлекеттин тапшырмасы".

## Н.Баранов атындагы №2 мектеп-лицейи (Логвиненко АА, Новопокровка айылы): "Ата-энелер мектептин эмгегин баалашты, мектепке ишенишип, анын идеяларын колдошууда"

Сапардын катышуучуларынын мектеп-лицей менен таанышуусу кенен, жакшы жабдылган жыйындар залында мектеп тууралуу слайд-шоу көрсөтүү менен башталды. Андан соң мектептин директору Фарида Ахметовна Низамудинова мектептин өзгөчөлүктөрү, анын ичинде кошумча профессионалдык окутуу жана бюджет боюнча коомдук угуулар тууралуу кенен айтып берди. Мектептин негизги өзгөчөлүгү – мында окуучулар негизги аттестаттан тышкары, кошумча профессионалдык даярдык: жыгач уста, чач тарач, тигүүчү-дизайнер, кичүү медициналык персонал тууралуу сертификат алышат.

Буга чейин мектеп ата-энелерге отчетту жыйындарда берип келген. Мында айыл өкмөтүндө өткөн бюджет боюнча угууларда элеттин тургундары жалпысынан билим берүү жөнүндө маалыматты угуп, анын ичинде мектеп жергиликтүү бюджеттин көлөмдүү бөлүгүнүн "илип кетерин" угуп келишчү. Ушундан улам ата-энелер "ага ансыз да бардык бюджеттик каражаттар сарпталып жатса, анда эмне үчүн биз мектепке акча төлөйбүз?" деген суроо узатышчу. 2011-жылы апрелде мектептин бюджети боюнча коомдук угууларды өткөргөндөн кийин  көпчүлүк су-





роолор өзүнөн-өзү жоголду.

Коомдук угууларга даярдык бир топ эле убакытты алды. Ага мугалимдер, окуучулар жана ата-энелер көмөктөштү. Угууларга болжол менен 300гө жакын адам катышты, анын ичинде жергиликтүү кеңештин депутаттары жана айыл өкмөтүнүн жетекчилиги бар. Мындай масштабдагы иш-чара мектепте алгачкы ирет өткөрүлгөн жана директордун айтымында, ал жакшы өттү. Анткени коомчулукка мектептин бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттары кантип сарпталары тууралуу толук маалыматты жеткирүү максаты ишке ашты.

Угуулардын жыйынтыгы болуп төмөнкү көрсөткүчтөрдү айтса болот:

- ата-энелер төмөнкү кесиптер боюнча кошумча профессионалдык билим берүү пайдалуу болгонун мойнуна алышты: корпустук эмеректи чогултуу жана жасоо (мындан ары мектеп өзүн-өзү эмерек менен камсыздайт), чач тарач искусствосу/маникюр/педикюр, кичүү медициналык персонал, компьютерлерди оңдоо, бычуу жана тигүү курстары. Маанилүүсү, 2011-жылдын декабрь айында мектеп ушул кызматтарды көрсөтүүгө лицензия алды, ал эми ата-энелер аны саатына 27 сом өлчөмүндө каржылоого макул болушту;
- ата-энелер мектептин лицей макамын алганын колдошту;
- маданий-массалык иш-чараларды өткөрүү үчүн ата-энелердин ичинен демөөрчүлөр чыкты;
- ата-энелер мугалимдердин эмгегин шыктандыруу идеясына колдоо көрсөтүштү;
- окуучулар райондук олимпиадаларда, чыгармачыл жана спорттук сынактарда байгелүү орундарды ала башташында мектептин салымын мойнуна алышты;
- эң негизгиси ата-энелер мектептин жетекчилигине ишеништи жана маселелерди чечүүгө көбүрөөк аралашып, муну менен окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга көмөктөшүүдө.

Мектептин алдында камкорчулар кеңеши түзүлгөн, бирок ал кандайдыр бир финансы каражаттарын чогултпай турган болду. Бул мектептин шаардык окуу жайлардан айырмасы мына ушунда. Себеби элеттик тургундар нак акча каражаттары жагынан көбүрөөк чектелүү жана мектептин чарбалык көйгөйлөрүн чечүү үчүн ай сайын акча төлөөгө даяр эмес. Анткен менен балдарына кошумча профессионалдык билим берүү аларды кызыктырып турат жана ушундай кызматтар үчүн алар акча төлөөгө даяр. Мектеп мындай абалга макул жана керектелген кызматты берүү менен кошумча каржылоону тартуу зарылдыгын ийгиликтүү айкаштырууда. Мектеп ай сайын кошумча профессионалдык билим берүү үчүн 200 миң сом алат, бул каражаттардын үчтөн бир бөлүгү Мектепти өнүктүрүү фондуна жумшалат. Ошол жерден өнүктүрүүгө кеткен чыгымдар жана материалдык-техникалык базаны камсыздоо, анын ичинде ремонт, жабдууларды жана инвентарды сатып алуу каржыланат. Мында аярлуу үй-бүлөлөрдүн окуучулары акы төлөөдөн бошотулган.

Мындай жол балка менен дөшүнүн ортосунда калган – бир жагынан мамлекет аларды зарыл болгон өлчөмдө каржылабайт, экинчи жагынан ата-энелер каржылоого катышкысы келбейт – көпчүлүк мектептер үчүн жакшы альтернатива болуп бере алат.

Сөзүн жыйынтыктап жатып, Новопокровка айылындагы №2 мектеп лицейинин директору Фарида Низамудинова кесиптештерине – алмашуунун катышуучуларына өз сунуштарын айтты: "Коомдук угууларды уюштуруу жана өткөрүү ишине өтө олуттуу мамиле жасаш керек. Биз, мисалы, эки айдай даярдандык. Үч негизги топ – мектеп, ата-энелер, окуучулар – ортосундагы ажыратылгыс байланышты так белгилеп алуу керек. Үч топтун сунуштарын жана пикирлерин эске алып, андан соң аларды анализдеп жана маселени чечүү жолун сунуштап, жыйынтыгын туура көрсөтүү керек. Мектепке кайдыгер карабаган, жардам берүүгө даяр болгон активдүү ата-энелерди тартуу пайдалуу болот. Кимдир бирөө даяр чечимдерди алып келет деп күтпөш керек. Ата-энелер жана окуучулар менен биргеликте бийликке ишеним артып отура бербестен, өз жолуңарды табышыңар керек. Мектептин көйгөйлөрүн жакшы билген жана тигил, же бул маселени биргелешип чечүүгө даяр болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен байланышты туруктуу кармап туруу маанилүү.

## Бишкек шаарындагы №4 мектеп: "Ата-энелер мектепке экинчи өмүр берди, бирок алар ошол аракеттери текке кетпегенине ынаныш керек"

Сапардын катышуучуларын таасирлендирген эң алгачкы нерсе – мектептин директору Илита Анатольевна Пактын бөлмөсүндө орнотулган видео көзөмөл системасы болду. Бул жабдуу мектепти жана анын айланасындагы аймакты көзөмөлдөп турууга, болуп жаткан окуялар тууралуу туура маалыматтын негизинде талаштуу кырдаалды чечүүгө жардам берет. Мектепте өзгөчө көңүл окуучулардын көркөм тарбиясына бурулат, окутуу үчүн шарт түзүүгө көп аракеттер жасалат. Мектептеги шарттар чындап эле жакшырып келатат. Буга ушул мектепте билим алууну каалагандардын саны жогору болгону далил. Ата-



энелер жана окуучулар "буттары менен добуш берет" – 2007-жылы мектепте 304 окуучу билим алып жаткан, мектептеги кырдаалга жараша мамлекет ушул окуу жайды жаап коё таштаган. Эми алардын саны 1046га жетти. Директор Илита Пак сапардын катышуучуларына сүрөттөрдү көрсөттү, анда мектептин мурдагы жана азыркы абалы чагылдырылган. Ошентип катышуучулар мектеп канчалык өзгөргөнүн, ыңгайлуу, жылуу, чоң үйгө айланганын көрө алышты. Албетте мындай өзгөрүүлөр ата-энелердин колдоосу менен гана ишке ашты. Ата-энелердин ыктыярдуу жардамы 617 кишини бириктирген "Бактылуу бirimдик" коомдук бирикмесине мүчөлүк акы чогултуу аркылуу топтолот. 2008-жылы түзүлгөн бирикме бүгүн мектепке көпчүлүк маселелерди чечүүгө жардам берүүдө: мугалимдердин эмгеги кошумча төлөнөт, класстар техника менен жабдылган, видео көзөмөл техникасы орнотулган, терезелер жалюзи менен корголгон. Ата-энелер ай сайын өзүнүн материалдык абалына жараша 40 сомдон 500 сомго чейин акча берип турат жана мектептин бүгүнкү абалын эске алганда бул бир топ эле акча болуп калгандай. Албетте ата-энелер ушул каражаттар кантип сарпталып жатканын ийне-жибине чейин билүүгө кызыкдар.

2011-жылга чейин мектеп жылдык жыйын өткөрүп, ал жерде жетекчилик мектептин чыгашалары боюнча отчет гана берип турчу. Бирок мындай маалыматтын өлчөмү ата-энелерди канааттандырчу эмес, андыктан маселени чечүүнүн жаңы жолдорун таап, жеткиликтүү жана эң негизгиси өз убагында маалыматты кеңири таратуу жолу менен ата-энелер менен диалогду жөнгө салуу зарыл болчу. Андыктан 2011-жылы мектеп ата-энелерге алар демөөрчүлүк жардам катары чогулткан ар бир тыйыны кантип сарпталып жатканы тууралуу маалымдоо үчүн коомдук угууларды өткөрүүнү чечти. Мектеп мындай иш-чараны биринчи жолу өткөрүп жаткандыктан жетекчилик бир ай бою ага кылдат даярданды: ата-энелер, мугалимдер жана окуучулар арасында сурамжылоо жүргүзүлдү; окуучулар жана ата-энелер мектептин бюджетин, үй-бүлөнүн бюджетин канчалык деңгээлде түшүнөрү изилденди. Даярдыкка 1-класстан 11-класска чейин бардык окуучулар, ата-энелер жана мугалимдер катышты. Камкордук кеңеши акыркы окуу жылы үчүн каржылык отчетту иштеп чыкты; мектеп слайд-шоу даярдап, коомдук бирикменин кирешелери жана чыгашалары тууралуу толук маалыматты камтыган мектептин гезитин чыгарды. Бардык класстарда ата-энелердин чогулуштары жана класстык сааттар өттү; "Ачык эшик күнүнүн" алкагында ата-энелерге коомдук бирикменин каражатына мектепте жүргүзүлгөн өзгөрүүлөрдү көрсөтүштү. Мына ушундай кампаниянын соңунда коомдук угуулар өтүп, ага 180ден ашуун адам катышты: ата-энелер, 11-класстын окуучулары, Билим берүү борборунун өкүлдөрү, ММК, "Айкын бюджет үчүн" альянсы" КЮЛ.

Мектептин директору Илита Пак угуулардын жыйынтыгын мындайча баалады: "Биринчиден, ата-энелер коомдук бирикмеге төлөмдөрдү жөн эле бербегенине ынанды. Алардын каражаты натыйжалуу сарпталып жатканынын далилдери келтирилди. Экинчиден, ата-энелер деталдуу каржылык маалыматты угуп чыккандан кийин мектептеги жаңы өзгөрүүлөрдү колдошту. Анын ичинде, мектептин ичинде жана анын тегерегинде видео көзөмөлдү орнотуу; аймакты жана имаратты жашылдандыруу; класстарды жасалгалоо: терезелерди пластик терезелерге алмаштыруу, мугалимдерге жана техникалык персоналга материалдык жардам көрсөтүү. Ата-энелерди ынандырууда окуучулардын жетишкендиктери, алардын түрдүү сынактарда жана олимпиадаларда жеңиши маанилүү жүйө болуп берди. Биз бул жетишкендиктер балдардан гана эмес, ошондой эл мектепте мугалимдер үчүн татыктуу шарттар түзүлгөндөн да, бүгүнкү күндө мектепте көпчүлүктү түзгөн жаш кадрларды тартуудан да көз каранды болгонун далилдей алдык».

## Иш сапардын катышуучуларынын пландары

Мектептин бюджети боюнча КУ өткөрүү боюнча окутуу сапарынан кийин иш тажрыйбасы менен алмашуу боюнча анын бардык катышуучуларынын арасынан мектептин бюджети боюнча КУ өткөрүү ниетин 4 мектеп билдирди. Алар: Төрт-Күл айылындагы Мамбетов ат. орто мектеп (директору Б.Орозалиева), Төрт-Күл АА Темир-Канат айылындагы Темир-Канат о.м. жана Ленин айылындагы Гагарин ат. о.м. (директору А.Р.Абдулина), Ленин АА Жыгач-Коргон айылындагы Тажибаев ат. о.м. (директору Б.К.Кадырова). Төрт-Күлдүн 2 мектеби жана Ленин АА 2 мектеби бюджет боюнча Коомдук угууларга даярдык көрө баштады. КУ даярдыктын алкагында мектеп директорлору иш-чаралардын планын иштеп чыкты: мектептин педагогикалык кеңешин өткөрүштү, анда мугалимдер менен бирге КУга даярдык көрүү боюнча иш-чаралардын планын талкуулашты, милдеттерди бөлүштүрүп, жогорку калсстарда "Менин жергиликтүү өз алдынча башкаруум" темасына класстык саат өткөрүшүп, анда бюджет тууралуу жалпы маалымат, мектептин бюджети, жергиликтүү маанидеги иштер, АК жана АӨ ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар берилди. Класстык сааттарда мектептин окуучулары арасында "Мен жашаган аймак" темасына плакаттардын жана сүрөттөрдүн сынагы жарыяланды. Ата-энелер үчүн чогулуштар өтүп, анда ата-энелер комитетинин төрагасы мектеп бюджетинин айкындуулугу боюнча тажрыйба алмашуу үчүн Бишкек ш. мектептерине жана Ысык-Ата районунун мектебине уюштурулган сапар тууралуу айтып берди. Ата-энелер, мугалимдер жана окуучулар арасында ата-энелердин, мугалимдердин жана окуучулардын керектөөлөрүн жана артыкчылыктарын аныктоо максатында социологиялык сурамжылоо өткөрүлдү. Ушул тапта анкеталар анализ жана алынган маалыматты иштеп чыгуу баскычында турат. Мектептин бюджети боюнча КУ уюштуруучулары 2010-2011-окуу жылы үчүн мектептин каражаттары кандай колдонулганы тууралуу маалыматты камтыган бюллетень чыгарууну пландаштырууда. Бюджет темасы менен мектептердин иш алып баруусу тууралуу биз журналдын кийинки санында айтып беребиз.

# Мектептер жана ата-энелер – шериктер жана өнөктөштөр.
# Окуу сапардын катышуучуларынын пикирлери

### Төрт-Күл мектебинин камкордук кеңешинин төрагасы Таайлайбек Жайлобаев

Үч мектептин иши менен таанышып чыккандан кийин, мен ата-энелерди мектептин турмушуна тартуу канчалык маанилүү болгонунун, бул тыгыз өз ара мамилелер мектептеги көйгөйлөрдү чечүүгө канчалык таасирин тийгизеринин ынанымдуу далилдерин алдым. Биз барган мектептер татыктуу билим үчүн бардык шарттарды түзгөн экен – жылуу класстар, гүлдөр, жабдуулар, ар бир бөлмөдө техника, бий залдары, инвентары бар спорттук залдар. Эң чоң жетишкендик №2 мектеп-лицейинде экен. Ал жактан кошумча профессионалдык төлөнүүчү курстар ачылган. Мунун бардыгы окуучуларды шыктандырып турат, билимдин деңгээли жогорулайт, окуучулар олимпиадаларда байгелүү орундарды ээлейт. Тилекке каршы бүгүнкү күндө көпчүлүк көйгөйлөрдү акча болбосо чече албайсың. Бул жагынан алганда элеттик мектептерге өзгөчө оор. Анткени биздин коомдук бирикмелер эң жакшы дегенде бир окуучудан жылына 200 сом ала алат. Сапардан кийин менде мектепке коомдук угууларды өткөрүүгө көмөктөшүү тууралуу пландар пайда болду. Муну жетекчиликтен бюджет тууралуу маалыматты талап кылуу үчүн гана эмес, ошону менен бирге окутуу процессин дагы да жакшы шарттар менен камсыздоодо кантип жардам бере аларыбызды чогуу кеңешип, чечүү үчүн да өткөрүш керек.

### Ленин айылдык аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаты, мектептин педагогу, тажрыйба алмашуу иш сапарынын катышуучусу Бактыгүл Анарбаева

Тажрыйба алмашуу бизге ата-энелердин окуу процессиндеги, орто билим берүүнү уюштурууда ролун бир аз сырттан кароого жардам бере алды. Биз коомдук угууларды эмне үчүн жана кантип өткөрүү керектигин; окуучулардын бюджетке арналган иш-чараларга даярдык көрүүгө жана өткөрүүгө аралашуусу тууралуу; бюджет боюнча теория жүзүндөгү билимдерин иш жүзүндө колдонуу маселеси боюнча окуучулар үчүн “Адам жана коом” аттуу класстык сабактарды өткөрүү жөнүндө маалыматка ээ болдук. Эң негизгиси – биз барган мектептердин директорлору коомдук угууларды өткөргөндөн кийин мектептин чыгашалары тууралуу ушак-айыңдар жоголгонун, ортодогу чыңалуу азайганын ишенимдүү тастыкташты. Өзүбүздө биз бардык көргөн-билгенибизди, угууларга даярдык тажрыйбасын сөзсүз колдонобуз, окуучуларды жана ата-энелерди бул ишке активдүү тартабыз, гезит чыгарып, жергиликтүү жана мамлекеттик бийликтин өкүлдөрүн, жергиликтүү жана райондук кеңештердин депутаттарын, демөөрчүлөрдү жана ишкерлерди чакырмакчыбыз. Бүгүнкү күндө бизде коомдук бирикмелер өңдүү уюмдар жок, бардык демөөрчүлүк жардам стихиялуу түрдө келет, аларга эсеп жүргүзүлбөйт. Эми биз ата-энелерди чогултуп, аларга ушул өңдүү уюмду ачууну сунуш этебиз.

### Ленин айылдык аймагынын Гагарин ат. №27 ОМ директору Альфия Абдулина

Кайтып келгенден кийин ата-энелер комитетинин төрагасы менен биргеликте биз ата-энелер менен коомдук бирикменин ишинин бардык варианттарын, алардын мектеп менен кызматташуусун талкуулайбыз. Бизди элеттик аймакта жумушчу кесиптерге багыт алууга болот жана муну жасоо керек деген факт кызыктырып койду. Биз акы үчүн кошумча профессионалдык билим берүү кызматын ачуу мүмкүнчүлүгүн карап көрүүнү чечтик. Мектептердин бюджет боюнча коомдук угууларды уюштуруу жана өткөрүү багытындагы иштери абдан жакты. Бул үчүн таратылган материалдар абдан мыкты экен, биз аларды өз ишибизде колдонобуз. Ошондой эле ата-энелер жана окуучулар өз артыкчылыктуу маселелерин айтышы үчүн биздин мектепте угууларды өткөрүүнү пландаштырып жатабыз. Алмашуу сапарын уюштургандарга ыраазычылык билдирем, анткени көп пайдалуу нерселерди билдик. Эң негизгиси – үч мектептеги иштин формасын өлкөнүн башка мектептеринде да колдонууга болот. Мына ушунун өзү эң жакшы практика. Бирок бизге мектептин бюджети боюнча коомдук угууларды уюштурууда жана өткөрүүдө мындан ары техникалык жана консультациялык жардам керек.

### Иванов айылдык аймагынын башчысынын орун басары Канат Алиев

Мектептин бюджети боюнча коомдук угууларды өткөрүү – бул чоң жетишкендик. Биз болгон үч мектеп ата-энелерге зарыл болгон маалыматты жеткире алган жана каржылык жардам түрүндө кайра жооп алган. Окуучулар тартылган, анткени алар мындан ары финансы каражаттарын түзүүгө жана чыгымдоого аралашышы үчүн үй-бүлөнүн жана мектептин бюджети эмнеден түзүлөрүн билиши керек. Коомдук угуулар ата-энелердин каражаттары эмне үчүн, кайда жана кантип сарпталары тууралуу көп суроолоруна жооп берет, мектепти дайыма текшере берүү зарылчылыгы жоголот, мектепке болгон ишеним артат, ал



эми ишеним – бул алгачкы максат. Анткени балдарды тарбиялоодо негизги салымды мектеп кошот эмеспи.

Коомдук бирикмени ачууга карата бир кооптонуу бар: ата-энелер кызыкчылыктар боюнча топторго бөлүнүп алып, ар кимиси өзүнүкүнө тартышы мүмкүн. Буга себеп – элеттик тургундардын социалдык деңгээлиндеги чоң айырма. Элеттик жашоо менен шаардык турмуштун деңгээлдери айырмаланып турат жана албетте шаардык мектептерде жүргүзүлгөн иштердин мындай түрлөрү айылдарда убактысы боюнча создугат жана алдыга коюлган тапшырмалар аткарылат деген ишеним жок. Андыктан бул мектептерде көргөндүн баары эле автоматтык түрдө элеттерде колдонула албайт, ата-энелердин коомдук уюмдарын уюштуруу механизми элеттин шарттарына ыңгайлаштырылыш керек. Кептин баары айылдык ата-энелердин төлөө жөндөмдүүлүгү шаардыктарга салыштырмалуу төмөн болгонунда жана ата-энелердин максималдуу жардамын коомдук бирикмелер аркылуу тартуу маселеси ачык бойдон кала берүүдө.

# Мектептерди, ата-энелерди жана ЖӨБ органдарын тынчсыздандырган маанилүү маселелер

## Бюджеттен тышкаркы каражаттарга (ата-энелердин жардамы) карата мектептин чыгаша функциялары кантип аткарылат, мектеп өз алдынча смета түзүп, чыгашаларды ишке ашырып жатабы?

**№4 мектептин директору жооп берет**

Биз коомдук бирикмеге кайсы бир чыгашага арыз жазабыз жана камкордук кеңеши бул арызды карап чыгат. Андан кийин зарыл сумманы бөлүү тууралуу чечим кабыл алат. Мектеп болсо каражатты сарптап, бардык каржылык отчетторду берет. Мында бардык которуулар жана чыгашалар банк аркылуу жасалат. Анын ичинде ата-энелер да коомдук бирикмеге өз салымдарын банк аркылуу гана жасайт, бул болсо коррупция үчүн мүмкүнчүлүктөрдү азайтат.

## Окуу китептерине байланыштуу маселе кантип чечилүүдө?

**№2 мектеп-лицейдин директору жооп берет**

Бул биз үчүн өтө оор жана курч маселелердин бири. Аны чечүү үчүн эмне гана жасабадык – эч кандай жыйынтык жок. Бүгүн окуу китептеринин баасы өтө эле жогору жана эч бир мектеп бул маселени өз алдынча чече албайт. Жыл сайын мектеп фондун жаңылоо зарыл, бирок бул маселени чукул арада мамлекеттик деңгээлде чечүү керек.

**“М” комментарийи**

Китеп менен камсыздоо – бул мамлекеттик деңгээлде чечиле алчу маселе. Акыр аягында айрым өлкөлөргө окшоп, коргоого кеткен чыгашаларды окуу китептеринин пайдасына кыскартса да болот. Кептин баары министрликтердин деңгээлинде башкаруу сапатында жана парламент деңгээлинде артыкчылыктарды тандоодо.

## Шаардын мэриясы мектепти каржылайбы?

**№1 ОМ директору жооп берет**

Шаардын мэриясы мүмкүн болушунча мектепке финансы колдоо көрсөтүүгө аракет жасап келет, бирок мэрия мектептин бардык керектөөлөрүн камсыздай албайт. Шаардык бюджеттен бир баланын тамагына 7 сом өлчөмүндө акча бөлүнөт; эмерек сатып алууда жарым-жартылай колдоо көрсөтүлөт; өткөн жылы мектептин ремонтуна 150 миң сом бөлүнгөн. Жабдуудан тарта бор сатып алууга чейинки башка материалдык-техникалык керектөөлөрдү канааттандырууга каражат жок. “Тегерек үстөлдө” вице-мэрлердин бири: “Мектепти кармоого триллиондор керек, ата-энелерсиз алар жашап кете албайт” деп айткан.

**“М” комментарийлери**

Орто билим берүүнү ата-энелердин кошо каржылоосунда эң өкүнүчтүү нерсе – бардык кызыкдар тараптар, анын ичинде ата-энелер жана мектеп администрациясы бири-бирин айыптап, жемелеп, өз ара акыйнек айтышат. Мында нааразылыгын ошол көйгөйлөрдүн чыныгы айыпкери болгон мамлекет тарапка жолдогондор аз. Анткени дал ушул мамлекет билим берүүгө карата акысыз принцибин жарыялаган, муну менен ал белгилүү бир көлөмдөгү милдеттемелерди өзүнө алган, бирок аларды аткарбай келет.

# «Адам жана коом» сабагында окуучулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен таанышышат

**Султан Майрамбеков,**
"Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун грант иштери боюнча адиси

Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Ленин АА Жыгач-Коргон айылындагы А.Тажибаев ат. орто мектепте 10-11-класстын окуучулары үчүн "Адам жана коом" предметин жогорку категориядагы мугалим, Элдик билим берүүнүн отличниги, Ленин АК депутаты Бактыгүл Анарбаева өтөт. Элеттин жаш тургундары үчүн жалпысынан мамлекеттик түзүлүштү жана анда ЖӨБ ролун билүү канчалык маанилүү болгонун түшүнүү менен Б.Анарбаева өз сабагында чыгармачылык жолду тандады. Окуучулар жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган теманы өзгөчө кунт коюу жана кызыгуу менен угуп жатышты. Анткени сөз жакын жана керектүү нерселер тууралуу болуп жатты: айыл өкмөтүнүн ишмердүүлүгү, функциялары жана ыйгарым укуктары; айыл кеңештеринин карамагындагы маселелер, депутаттардын ыйгарым укуктары тууралуу. Ошондой эле жогорку класстын окуучуларына жергиликтүү бюджеттин маселелери, өзгөчө каржылоо булактары, финансы каражаттарынын жетишсиздигинин себептери жана жамааттын маанилүү маселелерин чечүү үчүн каржы мүмкүнчүлүктөрү кызыктуу болду.


Үй тапшырмасы катары Б.Анарбаева окуучуларга "Эгерде мен жергиликтүү кеңештин депутаты болсом..." темасына көркөм жазууну тапшырды. Жаштыгына карабастан жогорку класстын окуучулары маселени батымдуулук жана чыгармачылык менен чечүүнүн жолун сунуштап, ар кимиси артыкчылыктарды өз алдынча аныкташты. Алардын сунуштары алардын жаш курагынын тобунун керектөөлөрүн чагылдырып турду. Ошентсе да көркөм жазууда алардын үй-бүлөлөрүнүн, ата-энелеринин, улуу туугандарынын керектөөлөрү байкалып жатты. Бул таң калычтуу деле эмес. Анткени жаштар элет турмушунун көйгөйлөрүнөн четте калбайт жана бала чагынан тарта бардык муундун өкүлдөрү башынан өткөрүп келаткан кыйынчылыктарды жон териси менен сезет эмеспи. Кызыгы кыздар адатта көрктөндүрүү жана инфраструктурага артыкчылык берсе, балдар спорт жана техникалык прогресске көбүрөөк кам көрүшөт.

Мисалы, Манас Белеков айылда спорт залын курууну сунуштаса, Алина Жуманазарова таза суу маселесин өзгөчө маанилүү деп эсептейт, түтүктөрдүн баары эскиргендиктен суу жетишпей, тургундардын



кайсы бир бөлүгүнө суу суткасына эки саат гана берилет, ал эми анын олуттуу бөлүгү жөн эле жок болуп жатат. Данияр Абдыкалыков жаштар үчүн интернет клуб ачууну каалайт, анткени Жалал-Абадга чейин жол узак, бирок элеттин жаштары облустун борборунда жашаган курдаштарынан артта калууну каалабайт. Ал эми Айжан Тургунбаеваны таптакыр башка маселе тынчсыздандырат: "Биздин айылда бала бакча жок, менин кичинекей иним жана сиңдим бар, аларга бирөө баш-көз болуш керек. Эгерде бала бакча болгондо биз ошол жакка иним менен сиңдимди бермекпиз. Ал эми апам ошол учурда иштемек", - дейт ал.

А.Тажибаев ат. мектепте "Адам жана коом" предмети боюнча кадимки сабактардан тышкары жолугушуу-сабактар да уюштурулду. 2012-жылдын март айынын башында Ленин АК депутаттары Бакыт Токтосунов (төрага), Табылды Ханазаров, Кадырбек Алимбеков менен жолугушуу-сабактары өттү. Окуучулар депутаттарга түрдүү суроолорду узатышты: Айылдык кеңештин депутаттары катары сиз кандай иштерди жасадыңыз? Жолдорду ким оңдош керек? Эмне үчүн бизде таза суу көйгөйлүү маселе? Биздин айылда качан бала бакча ачылат? Депутаттар суроолорго толук жооп берүүгө аракет жасашты, бирок жаштар дайыма эле аларга ишене берген жок жана ошондо маселени чечүүнүн жолдору, айылдын келечеги тууралуу кызуу талкуулар жүрүп жатты. Окуучулар да, депутаттар да бул жолугушуулардан жаркын элестерди алды жана бул окуучулар жергиликтүү кеңештин депутаттарынын милдеттемелеринин чөйрөсү канчалык кеңири жана жоопту болгонун түбөлүккө өздөштүрдү десек жаңылышпайбыз.



Мисалы, Бактыгүл окуучуларды чоң турмушка багыттоо менен, ошол эле учурда жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн, өз турмушун жакшыртуунун мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп, кабыл алынган чечимдердин маңызын жана маанисин түшүндүрүп берди.

Бирок окутуучулук миссиядан тышкары мугалим жашылча-жемиш өстүргөн 50 аял катышкан "Аруузат" Коомдук фондун жетектеп, коомдук иштер менен да алектенет. Фонддун жардамы менен анын мүчөлөрү БУУ-аялдар долбоорунан үрөн алды, ВПП-БУУ күрүч жана май берди. АӨ фондго Кызыл чырым фондунан бир тонна минералдык жер семирткич жана күйүүчү майдын тоннасын арзандатылган баада алууга жардам берди. Натыйжада "Аруузат" КФ Ленин АА 50 үй-бүлөгө жардам берди.

Бактыгүл Анарбаева өз иш ордунда да, коомдук турмушта да ар бирибиз жашоо шартка жана биз жашаган жамааттын өнүгүү деңгээлине таасир тийгизе аларыбызды көрсөтүүдө.



# ЭНЕ ҮЧҮН ЖУМУШ,



## же Жамаат мектепке чейинки билим берүү маселесин кантип чечүүдө

"Менин эки кичинекей балам бар, ал эми жолдошум кайсы жерде жумуш чыкса, ошол жакта иштейт. Айылда жумушсуздук кандай экенин өзүңөр деле билесиңер да. Мен ишке чыгайын дегем, бирок балдарымды кимге калтырарымды билбейм. мага окшогондор айылда көп", - дейт Ысык-Көл облусунун Тоң айылынын тургуну Рыскүл Сакеева. Ал башка аялдар өңдүү эле болочок бала бакчанын имаратын оңдоо иштери качан бүтөт жана ал жакта анын балдары үчүн орун барбы деп сурап келген. Саналуу мүнөттөрдүн ичинде долбоордун жетекчиси Айткүл Байтурованы жана жергиликтүү АА башчысы Болот Мамытовду балдарын көтөргөн жыйырмага жакын аял курчап калды. Бардыгы бала бакча ишин качан баштай турганына кызыгышты.

Дээрлик 2000ге чукул киши жашаган Тоң айылы үчүн бала бакчанын ачылышы чындап эле чоң окуя. Айткүл Байтурованын айтымында, жылдан жылга айылда мектеп жашына чейинки балдардын саны өсүүдө. Андыктан Байтурова жетектеген Элеттик инвестициялык бирикме айыл тургундары арасында сурамжылоо жүргүзүп, жыйын өткөргөндө алардын көпчүлүгү айылга биринчи кезекте мектепке чейинки мекеме зарыл болгонун белгилешкен. Анткен менен бир кездери 25 орундуу бала бакча орун алган имарат көп жылдардан бери толук талкаланып, аны калыбына келтирүү үчүн бир кыйла каражат талап кылынган. Ал эми жергиликтүү бюджетте мындай каражат жок. Бул маселени чечүүгө өнөктөштүк жардам берди.

Жамааттарды өнүктүрүү боюнча альянс (CDA) уюштурган долбоордук сунуштарды иштеп чыгуу боюнча бир катар тренингдерден кийин Айткүл Байтурова жана анын тобу долбоор даярдап, Жамааттарды өнүктүрүү боюнча альянс (CDA) менен өнөктөштүктө жана "Кумтөр Оперейтинг Компаниин" каржылык колдоосу менен ишке ашырылган БУУ-Аялдардын "2010-2011-жылдары Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы элет тургундарынын жашоо шартын жакшыртууга багытталган айылды өнүктүрүү программаларынын натыйжалуулугун арттыруу" долбоорунун алкагындагы сынакты жеңип алышты.

Ошентип элеттик активисттердин демилгеси, жергиликтүү бийликтин кызыгуусу жана "2010-2011-жылдары Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы элет тургундарынын жашоо шартын жакшыртууга багытталган айылды өнүктүрүү программаларынын натыйжалуулугун арттыруу" долбоорунун колдоосу айылда 20 жылдан бери чечилбей келаткан маселени чечүүгө багытталган аракеттерди мобилдештирүү боюнча ийгиликтүү социалдык өнөктөштүк үчүн база болуп берди.

Айткүл Байтурованын айтымында, бул долбоорду ишке ашыруу менен 65 бала мектепке чейинки билим алып, ал эми алардын ата-энелери иш таап, өз үй-бүлөсүнүн турмуш шартын жакшырта алышмакчы. Баса, бул ата-энелердин айрымдары



ушул эле бала бакчада иштей алат, анткени ага квалификациялык кызматкерлер керек жана алар жергиликтүү бюджеттен маяна алышат. Бул үчүн кийинки жылдан тарта эле бала бакчаны кармоого жана коммуналдык кызматтарды төлөөгө кошумча каражат бөлүү өтүнүчү менен КРнын Каржы министрлигине кайрылуу пландаштырылып жатат. Мына ушундай пландарын жергиликтүү айыл өкмөт башчысы Болот Мамытов ортого салды.

Белгилей кетчү жагдай, жергиликтүү бийлик алгачкы күндөрдөн тарта эле долбоорду ишке ашырууга тартылып, смета түзүү, ишчилерди табуу жана ремонт иштеринин сапатын көзөмөлдөөнү колго алган. Мында долбоорго техникалык гана эмес, каржылык да колдоо көрсөтүлгөн. Мындан тышкары долбоор аяктагандан кийин айыл үчүн ушундай маанилүү болгон бул объектке кам көрүү жана андан ары өнүктүрүү милдети жергиликтүү бийликке жүктөлөт. Анткен менен алар буга кубанышууда.

Бүгүн ар бир эле айыл биздин өлкөнүн эң кичинекей жарандары үчүн бардык шарттар түзүлгөн бала бакчасы менен мактана албайт. Көпчүлүк айылдык социалдык-маданий объекттер талкаланып калган же мышык ыйлаарлык абалда турат жана жергиликтүү бийлик да, мамлекет да аларды калыбына келтирүү же жаңысын куруу боюнча ишти аткара албай келишет.

Жаңы бала бакчада балдардын өнүгүүсү жана аларды мектепке даярдоо үчүн жакшы шарттар түзүлөрүнө ата-энелер өздөрү күбө болду. Алар мониторинг тобуна кошулуп, имаратты толугу менен көрүп чыгышты. Сыймыктанганын жашырбаган Айткүл аларды бир залдан экинчи залга ээрчитип жүрүп, кыйкымчыл суроолорго жооп берип жатты: "Мына, карагылачы, бул жерде оюн бөлмөсү болот, ал эми бул жерде балдар окуйт. Биз жарык өчүп калса деп, меш менен жылытууну да ойлонуштуруп койдук. Ошон үчүн тынчсызданбагыла, балдарыңар үшүбөйт, ал эми терезелерден, өзүңөр көрүп тургандай, жел кирбейт. Музыка боюнча сабак да өтөт, бул үчүн аспаптарды сатып алып койдук".

Жалгыз калгандан кийин Айткүл бул долбоор оңой-олтоң ишке ашпаганын айтты. Кыйынчылыктар бир топ эле болуптур. Бюрократиялык бут тосуулардан өтүп, зарыл болгон бардык документтерди алуу үчүн бир топ мамлекеттик мекемелердин босогосун атташ керек болду. Мында ага Элеттик инвестициялык бирикмеде социалдык мобилизация боюнча иште алган тажрыйбасы жардам берген экен. Бирок тышкы каржылоого жана айыл өкмөтүнүн колдоосуна карабастан каражат баары бир жетишсиз болуп, объектти толугу менен бүткөрүү үчүн дагы аракеттер зарыл. "Ички иштерден тышкары бакчанын айланасындагы аймакты да курчап, көрктөндүрүү зарыл. Башка да иштер толтура", - деп пландары менен бөлүштү энергияга толуп турган бул аял. Айткүл кайгырган жок, ал эгерде демилге жана көктүк болсо, бардык кыйынчылыктарды жеңүү мүмкүн деген ойду карманат.

**Басылманын материалы жамааттарды өнүктүрүү Альянсы тарабынан даярдалды (CDA)**

## Долбоор тууралуу кыскача маалымат

**БУУ-Аялдардын "2010-2011-жылдары Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы элет тургундарынын жашоо шартын жакшыртууга багытталган айылды өнүктүрүү программаларынын натыйжалуулугун арттыруу" долбоору Жамааттарды өнүктүрүү боюнча альянс (CDA) менен өнөктөштүктө жана "Кумтөр Оперейтинг Компаниянин" каржылык колдоосу менен ишке ашырылып келет. Ал инфраструктуранын социалдык жана экономикалык негизги активдерине жетүүсүн кеңейтүүнүн эсебинен элет тургундарынын, негизинен аялдардын турмуш деңгээлин жогорулатуу максатын көздөйт. Долбоор айылдын социалдык инфраструктурасын жакшыртууга багытталган жана ачык сынактын негизинде көз карандысыз Улуттук комитет тандаган жергиликтүү жамааттардын түрдүү демилгелерин колдоп берди.**




**“Мен жашаган аймак” деген аталыштагы сынактын катышуучуларынын иштери.**
**“Муниципалитет” журналында сүрөттөрдүн жарыяланышы катышуучулар сөзсүз эле байгелүү орун алгандын түшүндүрбөйт.**

Ленин (Сузак району, Жалал-Абад облусу), Төрт-Күл (Тоң району, Ысык-Көл облусу) жана Ивановка (Ысык-Ата району, Чүй облусу) айылдык аймактарында мектеп окуучуларынын арасында жарыяланган “Мен жашаган аймак” сүрөт сынагынын жыйынтыктары чыгарылды.

Сынак Швейцария Өкмөтү тарабынан Улуу Британиянын Эл аралык Өнүктүрүү Министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун алкагында өткөрүлдү.

## Журналдын апрель айындагы санында:

- Билимге жумшалган чыгымдар жергиликтүү бюджеттин абалына кандай таасир тийгизет?
- Роялтиден түшкөн киреше муниципалдык менчикти башкаруу менен кандай байланышта?
- Элет мектептери ата-эне төлөмдөрү тууралуу маалыматты кантип ачышат?
- Кайсы долбоорлор коомчулуктун колдоосуна ээ болушуп, каражат алууга жолдомо алышты?

**Урматтуу Кыргызстандын шаар жана элет жерлеринин тургундары!**
**Биз сиздерден суроолорду жана баяндамаларды күтөбүз!**

**Өнүктүрүү саясат институту “Муниципалитет” журналын өздүк жеке, жана ошондой эле эл аралык донордук уюмдардын жана долбоорлордун каражаттарынын эсебинен басып чыгарат, жана ошол колдоонун артынан биз бул журналды акысыз таркатканга мүмкүнчүлүгүбүз бар!**
**Биз, кызматташтыктын жана координациялоонун жакшы үлгүлөрүн көрсөткөн бардык өнөктөштөрүбүзгө терең ыраазычылык билдиребиз.**

**Бул чыгарылыш Швейцария Өкмөтү тарабынан Улуу Британиянын Эл аралык Өнүктүрүү Министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун каржылоосунда жарык көрдү.**

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

**Swiss Cooperation Office in the Kyrgyz Republic**
**Кыргыз Республикасындагы Кызматташтык боюнча Швейцариялык Бюро**
**Швейцарское Бюро по сотрудничеству в Кыргызской Республике**

UKaid
from the Department for International Development